КҮБӨЛҮК КАТТОО № 10342, 29.05.2024

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

МАТЕМАТИКА, ФИЗИКА, ТЕХНИКА ЖАНА ИНФОРМАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ИНСТИТУТУНУН

# ЖАШ ОКУМУШТУУ

ИЛИМИЙ ЖУРНАЛЫ




# МОЛОДОЙ УЧЕНЫЙ

НАУЧНЫЙ ЖУРНАЛ
ИНСТИТУТА МАТЕМАТИКИ, ФИЗИКИ, ТЕХНИКИ И ИНФОРМАЦИОННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ

№2 (2024)

# РЕДАКЦИОННАЯ КОЛЛЕГИЯ НАУЧНОГО ЖУРНАЛА “МОЛОДОЙ УЧЕНЫЙ” ИНСТИТУТА МАТЕМАТИКИ, ФИЗИКИ, ТЕХНИКИ И ИНФОРМАЦИОННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ

***Главный редактор:*** **Азимов Бектур Абдрахманович** – кандидат физ.-мат. наук, доцент, azimov@oshsu.kg.

***Заместитель главного редактора:*** **Абдирайимова Назигай Абдинабиевна** – кандидат физ.-мат. наук, доцент, nabdiraiimova@oshsu.kg.

***Члены редакционной коллегии:*** **Кожобеков Кудайберди Гапаралиевич** – доктор физ.-мат. наук, профессор; **Матиева Гулбадан Матиевна** – доктор физ.-мат. наук, профессор; **Сопуев Адахимжан Сопуевич** – доктор физ.-мат. наук, профессор; **Ташполотов Ысламидин Ташполотович** – доктор физ.-мат. наук, профессор; **Келдибекова Аида Осконовна** – доктор пед. наук, профессор; **Турсунов Дилмурат Абдиллажанович** – доктор физ.-мат. наук, профессор; **Каримов Салы** – доктор физ.-мат. наук, профессор; **Саипбекова Анара Мурадовна** – доктор физ.-мат. наук, профессор; **Кенжаев Идирисбек Гуламович** – доктор техн. наук, профессор; **Арапбаев Руслан Нурмаматович** – кандидат физ.-мат. наук, доцент; **Алтыбаева Мейликан** кандидат пед. наук, доцент; **Абдувалиев Абдыганы Осмонович** – кандидат физ.-мат. наук, доцент; **Осконбаев Маралбек Чотоевич** – кандидат физ.-мат. наук, доцент; **Айдарбеков Зарипбек Шарипович** – кандидат тех. наук, доцент; **Борбоева Гулниса Маматкановна** – кандидат физ.-мат. наук, доцент; **Сопуев Уланбек Адахимжанович** – кандидат физ.-мат. наук, доцент; **Калбекова Махпурат Жамшитовна** – кандидат физ.-мат. наук, доцент; **Кудуев Алтын Жалилбекович** – кандидат тех. наук, доцент; **Жолдошов Толкун Мамытович** – кандидат тех. наук, доцент; **Токторбаев Айбек Мамадалиевич** – кандидат физ.-мат. наук, доцент; **Эркебаев Улукбек Зайирбекович** – кандидат физ.-мат. наук, доцент; **Акматов Абдилазиз Алиевич** – старший преподаватель.

# СОДЕРЖАНИЕ

**Абдижалил кызы Г, Сапарбай кызы Г.** Эксперименталдык статистикалык чоң берилгендердин сапатын башкаруунун негизги функциялары................................ **5**

**Акматали кызы Б.** Татаал инфографиканы түзүүнүн жолдору жана аны билим берүүдө колдонуу........................................................................................ **9**

**Бекмурза уулу Ы., Жээнбек уулу Т., Самидинов А.** Өзгөчө чекитке ээ болгон сингулярдык козголгон дирихленин маселеси........................................................... **18**

**Бектемир уулу Б., Исманова М.М.** Жогорку окуу жайлардын окуу дисциплинасынын адаптивдүү веб сайтын түзүү методдору.......................................... **25**

**Гаипова С.А., Турдумаматова А.А., Айдарова А.А.** Компьютердик графикадагы 3D визуализация.......................................................................................... **30**

**Жалил уулу Ж., Тууганбаева А.Ч., Жалилбекова А.А.** Автоматташтырылган жумуш ордун камсыздоонун түрлөрү...................................................................... **41**

**Жумабаева А. Ж., Болотбек уулу Д.** PHP программалоо тилинде пагинация түзүү........................................................................................................................ **51**

**Калбекова М.Ж., Шамбет у Э. Юсуфжонов М.И.** Кавернадагы магнито-гемодинамикалык агымды моделдештирүү............................................................... **58**

**Карабаев С.Э., Абдурасулов А.К., Маришов Б.К.** ИИ в онлайн-образовании: виртуальные ассистенты и их эффективность………………………………………… **66**

**Курбаналиев А.Ы., Мамадамин у Г.** Жалгыз турган имараттын моделине суу ташкынын тийгизген таасирин математикалык моделдештирүү................................. **70**

**Макамбаева Ж.А., Калидин кызы Т., Калмамат кызы Г.** Орто мектепте физика сабагында компьютердик технологияны колдонуу жөнүндө............................ **79**

**Матисаков Т.К., Бактыбекова С.Б., Сатимбаев О.К.** Турак-жай имараттарын жана фермердик чарбаларды энергия менен камсыз кылуу учун күн энергиясын колдонуу мүмкүнчүлөрү........................................................................................... **85**

**Матисаков Т. К., Абдурахман уулу М., Мырзабеков Д.О.** Күн энергиясын жылуулук менен камсыздоодо колдонуунун шарттарын изилдөө................................ **90**

**Орозбекова А.Н., Жыргалбек кызы А., Шардаева А.А.** Математикалык маселелерди чечүү үчүн PYTHON жана MATLAB мүмкүнчүлүктөрү.......................... **95**

**Раимжанова А.Т.** MS OFFICE EXCEL программасынын жардамында функциянын графигин тургузуу............................................................................... **99**

**Сайипбекова А.М., Саипбекова С.Э., Рустамбекова А.Р.** Сильные землетрясения в Евроазийском континенте за 2023-2024гг............................................ **105**

**Сатаров А.Э., Султонов И.О.** Заманбап QR-код технологиясынын колдонулуштары.......................................................................................................... **115**

**Токторбаев А.М., Токтомуратова Ж.Э.** Сайттын адаптивдүүлүгү жана мобилдик версиясынын ролу......................................................................................... **122**

**Топчубаев Д.А.** Жалпы орто билим берүү мектептеринде инновацияларды кийирүү жана башкаруу......................................................................................... **135**

**Үкүева Б.К., Абдималик кызы Ф.** Адабий окуу предметин интерактивдүү методдор аркылуу окутуу......................................................................................... **143**

**Үкүева Б.К., Абдрашитова М.** Адабий жомок аркылуу окуучулардын адеп-ахлагын өстүрүү......................................................................................... **152**

**Үкүева Б.К., Абдурахманова Г.К.** Мектеп окуучуларынын адабий окууга кызыгуусунун изилдөөнүн жыйынтыгы......................................................................................... **159**

**Үкүева Б.К., Арапбай кызы К.** Адабий жомокторду окутууда компетенттүүлүктүн орду......................................................................................... **166**

## ИНФОРМАЦИОННЫЕ ТЕХНОЛОГИИ

# ЭКСПЕРИМЕНТАЛДЫК СТАТИСТИКАЛЫК ЧОҢ БЕРИЛГЕНДЕРДИН САПАТЫН БАШКАРУУНУН НЕГИЗГИ ФУНКЦИЯЛАРЫ

Абдижалил кызы Гулбарчын, магистрант,
Сапарбай кызы Гулзат, магистрант,
Ош мамлекеттик университети

**Аннотация**. Бул макалада колдонула баштаганына өтө аз убакыт болгонуна карабастан акыркы учурда тармактык технологияда эң популярдуу болгон чоң берилгендер жана анын технологиясынын колдонулуу максаттары изилденген. Чоң берилгендердин сапатын башкаруунун менеджменттеги негизги функциялары аныкталган.

**Ачкычтык сөздөр.** Чоң берилгендер, Big Data технологиясы, берилгендердин массиви, чоң берилгендерди башкаруу, структураланбаган берилгендер, чоң берилгендердин сапатын башкаруу.

# ОСНОВНЫЕ ФУНКЦИИ КОНТРОЛЯ КАЧЕСТВА В ЭКСПЕРИМЕНТАЛЬНОЙ СТАТИСТИКЕ БОЛЬШИХ ДАННЫХ

Абдижалила кызы Гульбарчын, магистрант,
Сапарбай кызы Гульзат, магистрант,
Ошский государственный университет

**Аннотация.** В этой статье исследованы цели применения больших данных и их технологии. Несмотря на то, что термин большие данные появился недавно, он обрел особую популярность в сетевой технологии. Также, в статье определены основные функции управления качеством больших данных в менеджменте.

**Ключевые слова.** Большие данные, технология больших данных, массив данных, управление большими данными, неструктурированные данные, управление качеством больших данных.

Big Data термини эң алгач 2008 жылы пайда болгон. Бул терминди Nature журналынын редактору Клиффорд Линч өз макаласында бул түшүнүктү кийирген. Ал дүйнөлүк маалыматтык ресурстун көлөмү өтө тездик менен чоңоюп бара жатканын, бул маалыматтык берилгендерди иштетүү үчүн ошол учурдагы технологиянын жетишсиздигин, жаңы кубаттуу инструментариянын, технологиянын зарылдыгын белгилеген.

Андан бери аз эле убакыт өткөнү менен бүгүн бул термин өтө популярдуу. Ачык маалыматтык ресурстардагы терминдин колдонулуу санына жараша анын популярдуулугун аныктап берген Google Trends сервисинен алынган көрсөткүчкө ылайык бул термин 2013-жылдан баштап ачык маалымат булактарында активдүү колдонула




баштаган. [1]

Big Data кыргызча маалымат булактарында чоң берилгендер деп аталат. Бул түшүнүк структураланган же структураланбаган чоң өлчөмдөгү түрдүү типтеги берилгендердин массивин билдирет. [2] Бул берилгендер тармакка туташкан программалык колдоо менен

иштөөчү түзүлүштөр аркылуу кийирилген маалыматтардан, социалдык тармактардан, блогдордон, интернет массалык маалымат каражаттарынан, компаниялардан (транзакция, товарга жана кызмат көрсөтүүгө буйрутмалардан, клиенттердин профилдеринен), тармакка туташкан приборлордун көрсөткүчтөрүнөн (метеорологиялык станция, өлчөөлөрдөн алынган көрсөткүчтөр, спутниктен алынган берилгендер), статистикалык берилгендер, медициналык берилгендер (анализдер, диагностикалык снимоктор, оорулуунун ден соолугу жөнүндө приборлордон жыйналган берилгендер) жыйналат. [3]

Чоң берилгендердин негизги касиеттери болуп анын көлөмүнүн эбегейсиз чоңдугу, убакыттын өтүшү менен тынымсыз көлөмүнүн өсүшү, системалаштырылган эместиги, актуалдуулугу (баалуулугу, маанилүүлүгү) эсептелинет.

Чоң берилгендер өзүнчө технологиянын жардамында статистикалык берилгендер катары иштетилип, чечимдерди кабыл алууда, прогноздоодо, пландоодо колдонулат.

Big Data технологиясын колдонуп төмөнкү областтардын маселелерин чечүүгө болот:

- Маркетингдин маселелери. Биздин күндө ар бир интернет колдонуучу өзүнө билинбегени менен көптөгөн берилгендерди генерациялап турат. Мисалы, кандайдыр бир мобилдик же интернет тиркемелерин колдонуу, Google сервисин же башка сервисти колдонуп маалымат издөө же жөнөкөй эле смартфонду чөнтөккө салып алып жүрүү. Адамдын бул аракети берилгендердин массивинин көлөмүнүн тынымсыз өсүшүн шарттап турат. Бул берилгендердин массиви кайсыл бир компания үчүн баалуу жана маанилүү маалымат болуп эсептелинип, чогултуп, анализдеп, визуалдаштырып, компаниянын

иштерин андан ары рационалдуу пландаштыруу, туура чечимдерди кабыл алуу максаттарында колдонулат.

- Медициналык маселелер. Оорулуулардын анализдери, изилдөө аппаратынан алынган оорулуунун ден соолугу жөнүндөгү көрсөткүчтөр берилгендердин чоң массивин түзөт. Аларды визуалдаштыруу, математикалык моделдештирүү, анимациялык моделин түзүү аркылуу статистикалык берилгендерди иштетип ооруунун табийгатын изилдөө, түрдүү факторлордон көз карандылыгын, даарылоонун жолдорун аныктоого болот. Бул чоң берилгендер диагноздоого, прогноздоого жардам берип, медицинанын көптөгөн маселелерин чечүүгө жардам берет.

- Социалдык маселелер. Смартфондон же тармактык тиркемелерден алынган статистикалык берилгендер дагы чоң берилгендер болуп эсептелинет. Бул берилгендердин үстүнөн Big Data технологиясын колдонуу менен статистикалык жана аналитикалык жыйынтыктарды алууга болот. Бул жыйынтыктар кандайдыр бир мамлекеттин, калктын, белгилүү географиялык орундун кандайдыр бир параметр боюнча көрсөткүчүн көрсөтүү менен абалын аныктоого өбөлгө түзүп берип турат.

- Менеджердик маселелер. Big Data технологиясын колдонуу менен алынган статистикалык жана аналитикалык жыйынтыктар ишкананын ишин уюштурууну жана башкарууну жнг салуу маселелеринде оптималдык чечимдерди кабыл алууга жардамын берет.

- Транспорттук жана жол кыймылын башкарууда, көзөмөлдөөдө чоң берилгендердин анализи менен жол тыгындарын жеңилдетүү, жол кырсыгына кабылчу критикалык чекиттерди аныктоо, жол кыймылын жөнгө салууда убакытты эске алуу маселелерин чечүүгө жардам берет.

- Социалдык тармактар аркылуу бизнести өркүндөтүү иштеринде чоң берилгендерди иштетүү аркылуу кардарлардын табитин, жаш өзгөчөлүгүнө, географиялык жайгашуусуна, жынысына, жыл мезгилине карата, убакыт интервалдарына карата товарь сатуунун, кызмат көрсөтүүнүн өзгөчөлүктөрүн аныктап ага ылайык туура чечимдерди кабыл алууга, товардын же кызмат көрсөтүүнүн баасын аныктоого болот.

Big Data технологиясын колдонууда чоң берилгендердин сапаты жана аны башкаруу маселеси маанилүү болуп эсептелинет. Чоң берилгендердин сапаты дегенде тармактык технологиянын жардамында жыйналган маалыматтардын массивинен бөлүнүп алынган актуалдуу берилгендерди түшүнүүгө болот. Актуалдуулук өз ичине пайдалуу, маанилүү, баалуу деген түшүнүктөрдү камтыйт. Аныктамада белгилегендей, мындай берилгендердин негизги касиети берилгендер түрдүү типте, анык бир максатта эмес жыйналган жана структураланбаган болушат. Чоң берилгендердин сапатын башкаруу илимий жана практикалык менеджменттин маселеси болуп, математикалык базага негизделип иштейт. Бул багыттын төмөнкү төрт функциясын белгилеп көрсөтүүгө болот:

- Бар берилгендердин негизинде коммерциалык маанилүүлүгү жогору

маалыматтарды бөлүп алуу;

- Big Data технологиясынын жардамында алынган коммерциалык мааниси бар берилгендерди колдонуп бизнести көтөрүү;
- Big Data технологиясынын жардамында алынган берилгендердин анализинин негизинде компания жана колдонуучулар кабылуучу көйгөйлөрдү, коркунучтарды аныктоо жана алдын алуу;
- Чоң берилгендердин анализин колдонуп копманиянын ишин прогноздоо.

## АДАБИЯТТАР


1. Боровиков А.А. Математическая статистика. – Новосибирск: Наука, 1997. – 771 с.
2. Гайдышев И. Анализ и обработка данных: Специальный справочник. – СПб.: Питер, 2001. – 752 с.
3. Гусев А. Дисперсионный анализ в экспериментальной психологии: учебное пособие для студентов факультетов психологии. М., 2000.
4. Дэйвисон М. Многомерное шкалирование: методы наглядного представления данных. – М., 1988.
5. Ермолаев О.Ю. Математическая статистика для психологов: Учебник. – М.: МПСИ: Флинта, 2002. – 336 с.
6. Информатика: Практикум по технологии работы на компьютере / Под ред. Н.В. Макаровой. – М.: Финансы и статистика, 2000. – 256 с.
7. Кендалл М., Стьюарт А. Статистические выводы и связи. – М., 1973.

## ИНФОРМАЦИОННЫЕ ТЕХНОЛОГИИ

УДК 336.743

# ТАТААЛ ИНФОГРАФИКАНЫ ТҮЗҮҮНҮН ЖОЛДОРУ ЖАНА АНЫ БИЛИМ БЕРҮҮДӨ КОЛДОНУУ

Акматали кызы Бурулай, магистрант,
Ош мамлекеттик университети

**Аннотация.** Макала окуучуларга, студенттерге, курсанттарга жана угуучуларга сабак өтүүдө инфографиканы окуу материалын визуалдаштыруу методдорунун бири катары колдонууга арналган. Каралган инфографиканын түрлөрү. Аны класста колдонуунун мисалдары келтирилген. Тренингдерге даярдануу учурунда сапаттуу инфографика түзүүнүн куралдары талданган.

**Ачкыч сөздөр**: инфографика, методика, визуалдаштыруу, окуу процесси.

# СПОСОБЫ СОЗДАНИЯ СЛОЖНОЙ ИНФОГРАФИКИ И ЕЕ ИСПОЛЬЗОВАНИЕ В ОБРАЗОВАНИИ

Акматали кызы Бурулай, магистрант,
Ош мамлекеттик университети

**Аннотация.** Статья посвящена применению инфографики как одного из методов визуализации учебного материала в процессе обучения учащихся, студентов, курсантов и слушателей. Рассмотрены типы инфографики. Даны примеры её применения на занятиях. Представлен анализ инструментов для создания качественной инфографики в процессе подготовки к учебным занятиям.

**Ключевые слова:** инфографика, метод, визуализация, процесс обучения.

*Киришүү.* Кыргызстанда компетенттүүлүк мамиленин жана билим берүүнү маалыматташтыруунун негизинде жогорку билим берүүнү уюштуруу контекстинде студенттерге билим берүүчү маалыматтарды берүүнүн эффективдүү ыкмаларын иштеп чыгууга умтулуу учурдун талабы.

Билим берүүдө тактык жана визуалдаштыруу мисалдары ар дайым кеңири колдонулуп келген: шилтеме схемалары жана таблицалар, иш-аракеттердин ыкчам схемалары, семантикалык жана кадр моделдери, дидактикалык көргөзмө куралдары, доскадагы "педагогикалык сүрөт", метапландар.

Бүгүнкү күндө окумуштуулар "визуалдык" жана "визуалдык" түшүнүктөрдү бөлүп-жарууга аракет кылып жатышат. "Визуалдык" түшүнүктүн мааниси ар дайым демонстрациялык мааниге ээ болгон, башкача айтканда, окуу процессинде мугалим даяр объектини, процессти, кубулушту көрсөтөт. Ал эми "визуалдык" сүрөт түрүндө чагылдырууну билдирет. Башкача айтканда, окутуу процессинде мугалим маалыматты түшүнүп, фигура, буюм, сүрөт түрүндө берүүнү сунуш кылат. Визуалдаштыруу процесси - бул психикалык мазмунун визуалдык образга; кабылданып, имиджди кеңейтип, адекваттуу акыл-эс жана практикалык иш-аракеттерди колдоо катары кызмат кыла алат.

Маалыматты элестетүүнүн бир жолу - инфографика. Inforgafica басма сөз басылмаларында жана онлайн медиада, жарнакта, маркетингде жана PRда активдүү колдонулат.

Жакында, билим берүү тармагында да популярдуу болуп калды. Комплекстүү билим берүүчү маалыматтарды визуалдык чагылдыруу ачык, мазмундуу, эстетикалык жагымдуу, биздин мезгилдин талабы болуп калды.

Инфографика деген эмне? В. Лаптев бир кыйла толук аныктама берет: “Инфографика-бул маалыматтын, байланыштардын, сандык маалыматтардын жана билимдин графикалык берилишине негизделген коммуникативдик дизайн чөйрөсү”. Биздин оюбуз боюнча, инфографика - бул биринчиден, визуалдык элементтерди, экинчиден, ушул визуалдык элементтерди түшүндүргөн тексттерди камтыган маалыматтык материалды уюштуруунун синтетикалык формасы. Инфографиканын негизги максаты - көйгөй, кубулуш же бир катар фактылар жөнүндө маалымат берүү. Инфографиканын маалыматты визуалдаштыруунун башка түрлөрүнөн негизги айырмасы анын метафоралык мүнөзү, башкача айтканда, бул жөн гана график эмес, көп маалыматтын негизинде курулган диаграмма, бул визуалдык маалымат, анын окшоштуктары жашоо, талкуу темалары киргизилген.

*Инфографиканын үч түрү бар:*

- статикалык - көбүнчө анимациялык элементтерсиз бир слайд. Инфографиканын эң жөнөкөй жана кеңири тараган түрү;
- интерактивдүү - анимацияланган элементтерди камтыйт, колдонуучулар динамикалык маалыматтар менен (тигил же бул даражада) иштешет. Инфографиканын бул түрү бир интерфейсте көбүрөөк маалыматты элестетүүгө мүмкүнчүлүк берет;
- видео инфографика - бул маалыматтардын, иллюстрациялардын жана динамикалык тексттин визуалдык сүрөттөрүн бириктирген кыска видео ырааттуулук.

Инфографиканын ар кандай түрлөрүнүн мисалдарын Infogra веб-сайтынан табууга болот.

Инфографиканы түзүүнүн принциптери: теманын актуалдуулугу жана актуалдуулугу; жөнөкөйлүк жана кыскалык; чыгармачылык; сүрөттөлүш; маалыматтын тактыгы жана уюштурулушу; эстетикалык жагымдуулук.

*Инфографиканы түзүү технологиясы.*

1-кадам - инфографиканын жардамы менен ишке ашырылышы керек болгон максаттарды жана милдеттерди аныктоо (предмет чөйрөсүнө жараша). "Графикада чындыгында бар нерсени чагылдыруу өтө оңой, абстракттуу түшүнүктөрдү көрүү тегиздигине өткөрүү бир топ кыйыныраак жана ал дээрлик мүмкүн эмес - ой-пикирлер жана комментарийлер" экендигин эстен чыгарбоо керек.

2-кадам - маалыматты бөлүктөргө, абзацтарга бөлүү. Ар бир бөлүмдү өзүнчө сүрөт же график менен көрсөтүңүз. Көрүүчүлөрүңүзгө жакшы тааныш жана көп колдонулган визуалдык сүрөттөрдү табыңыз.

3-кадам - Фокусту түзүңүз, башкача айтканда, инфографика курула турган негизги визуалдык метафораны, окуяны ойлоп табыңыз. Бул жөнөкөй жана баарына белгилүү болушу керек.

Окуучуларга билим керек болгондо билим берүүчү маалымат активдүү кабыл алынат. Окутулган предметтин бирдей татаалдыктагы мазмунун, ар кандай жолдор менен өздөштүрүүгө болот, анын баяндоо ыкмасына, студенттердин кабыл алуу мотивдерине жана түрлөрүнө жараша. Студенттерди, курсанттарды жана угуучуларды инфографиканын жардамы менен натыйжалуу жана эффективдүү окутууну кантип уюштурууга болот? Мугалим окуу процессин аудиториянын чыгармачыл потенциалын активдештиргендей кылып кантип түзө алат?

Инфографика билим берүү маалыматтарын визуалдаштыруу методдорунун бири катары лекциялык, лабораториялык жана практикалык сабактарда көйгөйлүү кырдаалдарды түзүү жана издөө иш-аракеттерин натыйжалуу уюштуруу үчүн колдонулушу мүмкүн.

Инфографика методикасын "Орус тили жана анын маданияты" деген темада "Орус тили жана сүйлөө маданияты" курсундагы практикалык сабакта колдонууну карап көрөлү.

План: 1-этап: биз "Дүйнөнүн эң популярдуу тилдери" инфографикасын көрсөтүп, студенттерден бул инфограмма чагылдырган тезис, максат, көйгөйдү бөлүп берүүсүн өтүнөбүз (1-сүрөт).




Сүрөт. 1. Дүйнөдөгү эң популярдуу тилдер

2-этап: ролдорду (же кызмат орундарын) студенттердин ортосунда бөлүштүрөбүз: тилчи, саясатчы, ишкер. Ролдор талдоо үчүн сунушталган визуалдык маалыматка жараша өзгөрүшү мүмкүн.

3-этап: инфографиканы сиздин ролуңуз (позицияңыз) боюнча талдоону өтүнөбүз: бул маалыматтар тилдик кырдаалдын мындан аркы өзгөрүшүнө кандай таасир этет? Бул лингвистикалык макет эл аралык мамилелердин өнүгүшүнө кандайча таасир этиши мүмкүн? Бул маалыматтардан бизнес кандайча пайда көрөт жана ага кандай таасир этиши мүмкүн?

4-этап: Студенттерден позициясын коргоо үчүн өзүлөрүнүн инфографикасын түзүүнү суранабыз.

Студенттер даяр инфографиканы колдонуп гана тим болбостон, өзүлөрү да түзүшкөнү пайдалуу: мамилелерди, алгоритмдерди жана схемаларды чийип, идеялардын белгилерин ойлоп табышат. Инфографиканы түзүү процессинде студенттер өз алдынча керектүү маалыматтарды алышы керек, ошондой эле аларды өз алдынча иштетиши керек. Фактыларды тутумдаштыруу гана эмес, аларды системалаштыруунун натыйжасын элестетүү.

Студенттин инфографиканы түзүүгө жана инфографикалык моделдерди жана диаграммаларды талдоону үйрөтүүгө активдүү катышуусу - бул визуалдаштырууну сабакта колдонуунун биринчи маанилүү аспектиси. Мисалы, инфографиканы колдонуп, сиз түшүнүктөр менен иштөөнү ишке ашыра аласыз: студенттерди негизги түшүнүктөрдү кесиптик тексттен бөлүп алууга чакырыңыз (сөз, макала, видео) жана түшүнүктөр менен терминдердин ортосундагы байланышты чагылдырган жөнөкөй инфографиканы түзүңүз.

Бул ыкманы колдонуп, инфографикага кайрылып, мугалим койгон максатты так түшүнө билүү керек: эмоцияны козгоо, көңүл ачуу, портфолио же сүрөт көрсөтүү, жазып алуу ж.б.

Инфографика материалдын мазмунуна шайкеш келиши керектигин унутпаңыз. Инфографиканын ар кандай түрлөрүн колдонууда, аны ашыкча санда алып жүрбөңүз: студенттердин көңүлүн чачыратып, негизги нерсени кабыл алууга тоскоол болот.

Баштоодон мурун, келечектеги инфографикаңыздын прототибин түзүп алыңыз. Долбоорду кол менен чийип салса болот. Андан кийин инфографика түзүүгө жардам бере турган программа жөнүндө чечим кабыл алышыңыз керек. Мындай программаны тандоодо оптималдуу критерийлерге токтололу:

- жеткиликтүүлүк. Колдонулган программанын акысыз болушу жана компьютерге татаал орнотууну талап кылбаганы оң;
- жөнөкөйлүгү жана колдонуунун жеңилдиги. Программа кесипкөй дизайнердик жөндөмү жок адамга ылайыктуу болушу керек;
- инфографиканы тез арада түзүү мүмкүнчүлүгү: көптөгөн шаблондордун, даяр графикалык элементтердин ж.б. болушу; Various Кирилл тамгасы ар кандай шрифттерде.

Мисалы, сиз колдо болгон PowerPoint программасын (Microsoft Office пакети) колдоно аласыз. Анда слайддарды түзүү үчүн ар кандай макеттер жана темалар бар, бирок эң оңой жолу - бул программада инфографика түзүү үчүн атайын иштелип чыккан шаблондорду колдонуу. Мисалы, Hubspot сайты [14] мындай шаблондордун беш түрүн сунуштайт:

- 4 түстүү инфографика түзүү;

Statistics статистикалык маалыматтар камтылган инфографика;

- салыштырма инфографика;

Pinterest "Pinterest" сайтынын маанисиндеги плитка менен жабылган инфографика;
Inf инфографика үчүн негизги шаблон.

PowerPointтин акыркы нускаларында (2023, Офис 365) SmartArt графикасы бар (Кыстаруу таблицасы - SmartArt баскычы). Чындыгында, бул тексттик маалыматты структуралаштыруунун жана аны графикалык түрдө (түшүнүктүү диаграмма түрүндө) берүүнүн куралы. SmartArt графикасын инфографиканын шаблону катары да колдонсо болот. Мугалим аларды өз каалоосу боюнча өзгөртүп, керектүү маалыматтарды кошо алат. Өндүрүшчүнүн веб-сайтынан SmartArt менен иштөө боюнча толук окуу куралын таба аласыз. Мындай сүрөттүн негизинде түзүлгөн инфографикага мисал келтирели (2-сүрөттү караңыз, "Экономика негиздери" курсу).

Презентациядан айырмаланып, инфографика тема боюнча бардык керектүү маалыматтарды камтышы керек болгон бир слайд деп эсептелет. Ошондуктан, инфографиканын слайд базасы көп учурда бардык элементтер ыраттуу жайгашкан узун төрт бурчтукка окшош. PowerPoint программасында слайддын өлчөмү төмөнкүдөй жол менен жөнгө салынат: Дизайн таблицасы - Баракчаны орнотуу баскычы. Биз 10 "х 13" сунуштайбыз.



Сүрөт. 2. SmartArt графикалык жана өндүрүштүк факторлорунун үлгүсү

PowerPoint программасында түзүлгөн инфографикага диаграммаларды, графиктерди, ар кандай иллюстрацияларды жана керектүү графикалык элементтерди кошо аласыз. Программада графиктерди түзүү жана жөнөкөй объектилерди тартуу үчүн өзүнүн куралдары, ошондой эле даяр сүрөттөрдүн кыйла чоң китепканасы бар (Кыстаруу таблицасы - Сүрөт баскычы). Сырткы булактардан иллюстрацияларды кошсоңуз болот (Кыстаруу таблицасы - Сүрөт баскычы).

Ошентип, мугалим PowerPoint программасын колдонуп, инфографика түзсө болот, айрыкча алар ушул программаны жакшы өздөштүрсө. Бирок, бир катар кыйынчылыктар бар:

1. PowerPoint - презентацияларды өткөрүү үчүн. Ошондуктан, бардык макеттер жана стилдеги темалар дал ушул максатка ылайыктуу. Аларды инфографикага айландыруу үчүн кошумча аракеттер талап кылынат;

2. жетиштүү деңгээлде сапаттуу чыгарма жаратуу үчүн шаблондордун, графиктердин жана диаграммалардын, ошондой эле SmartArt чиймелеринин дизайны олуттуу түрдө толукталууга тийиш;

3. PowerPoint башкаруу панели бир топ татаал. Инфографиканы түзүү үчүн көптөгөн шаймандар жана функциялар ашыкча болуп, программа менен иштөөнү кыйындатышат, ал эми айрым керектүү шаймандар жетишпейт.

Инфографиканы атайын программаларда түзүү ыңгайлуу. Сиз төмөнкү онлайн кызматтарын колдоно аласыз: Easel.ly, Piktochart.com жана Infogr.am.

Башталгыч инфографикалык мугалим үчүн Easel.ly сунуштайбыз. Анын негизги артыкчылыктары:

Design акысыз дизайн шаблондорунун саны жетиштүү (башка программаларга салыштырмалуу);

- каалаган шаблонду өзгөртүүгө болот: элементтерди алып салуу же кошуу, көлөмүн, жайгашкан ордун, түс схемасын ж.б. өзгөртүү;
- кызмат жөнөкөй башкаруу менен кыйла кең функционалдуулукка ээ; түзүлгөн инфографиканы компьютериңизге jpeg же pdf форматында сактоо же өз эмгегиңизди социалдык тармактарда бөлүшүү мүмкүнчүлүгү;

Dr сүйрөө-таштоо технологиясы бар;

Service кызматты колдонуу мүмкүнчүлүгү (учурда) акысыз.

Программанын негизги кемчилиги (жана өтө олуттуусу) - реалдуу маалыматтардын негизинде график жана диаграмма түзүү үчүн редактор жок. Бирок, азыр Easel.ly кызматы бета тестирлөөдө жана өнүгүүсүн улантууда: жаңы функциялар, шаблондор, колдонуучулардын тажрыйбалары кошулуп, анын ичинде диаграммалар жана графиктер үчүн чебердин пландаштырылган жүзөгө ашырылышы (3-сүрөт).



Сүрөт. 3. Easel.Lu шаблонунун негизинде түзүлгөн инфографика ("Экономика негиздери")

Онлайн кызматы Piktochart.com сизге жогорку сапаттагы инфографика түзүүгө мүмкүнчүлүк берет, анын ичинде шаблондордун негизинде (алардын айрымдары акысыз). Бардык шаблондор түзөтүлөт. Берилиштерди көрсөтүү үчүн визуалдык мүмкүнчүлүктөрү көп диаграммалар жана графиктер үчүн ыңгайлуу уста бар. Диаграммалар үчүн белгилүү бир маанилерди кол менен же CSV, XLS жана XLSX форматтарындагы таблицаларды экспорттоо менен киргизе аласыз.

Easel.ly менен салыштырганда, кызмат кененирээк иштеши бар. Бирок, бул программаны өздөштүрүү бир аз убакытты талап кылат. Мындан тышкары, кызмат менен толук иштөө үчүн, сизге "Про-эсеп" сатып алуу керек болот. Алынган инфографиканы

компьютерде сактоого, веб-сайтка жайгаштырууга же социалдык тармактарда бөлүшүүгө болот (4-сүрөт).



Сүрөт. 4. Pictochart.com сайтындагы диаграмма жана графика

**Вектордук жана растрлык сүрөттөрдү табуу үчүн ресурстар**

| ***Ресурстар*** | ***Түшүндүрмө*** |
|---|---|
| Openclipart | Акысыз вектордук объектилердин жана элементтердин ири коллекциясы. Бардык сүрөттөр авторлор тарабынан жалпы пайдалануу үчүн берилген жана аларды акысыз жүктөп алууга болот. Жумуштар svg жана png форматтарында берилген, тандалган объектилерди сайтка киргизүү үчүн шилтемелер бар. Бүгүнкү күнгө чейин репозиторийде 50,000ден ашуун клипарттар бар. |
| Freepik | Акысыз жана акы төлөнүүчү вектордук графиканы, кадимки сүрөттөрдү издөөгө мүмкүнчүлүк берген ресурс. Мазмунду колдонуу шарттарына көңүл буруңуз |
| Stockvault | Көп сандаган акысыз жогорку сапаттагы сүрөттөрдү камтыган ресурс. Сүрөттөрдү коммерциялык максаттарда колдонууга болбойт. Каттоо талап кылынбайт |
| Flickr | Сүрөт менен видеону сактоо үчүн иштелип чыккан кызмат. Сиз каалаган тема боюнча сүрөттөрдү таба аласыз. Сүрөттөрдүн айрымдары акысыз жүктөө үчүн берилген - сүрөттүн автору тарабынан аныкталган колдонуу шарттарына көңүл буруңуз (сүрөттүн оң жагындагы төмөнкү бурчтагы лицензия белгилерин караңыз) |
| Google | Издөө тутуму. Сүрөттү тагыраак издөө үчүн, файл кеңейтүүсүн көрсөтүү ыңгайлуу. Эгер сиз иттин вектордук сүрөтүн издесеңиз, анда суроо төмөнкүдөй жазылышы керек: dog “svg”. Мындан |

| | |
|---|---|
| | тышкары, сүрөттөрдү колдонуу шарттары боюнча чыпкалоо мүмкүн: Сүрөттөр бөлүмү - Издөө куралдары өтмөгү - Колдонуу укугу баскычы - коммерциялык эмес кайра пайдалануу чыпкасы үчүн белгиленген |
| Istockphoto | Вектордук жана растрдык графика үчүн белгилүү акы төлөнүүчү сактагыч |

*Корутунду.* Ошентип, инфографика - бул издөө иш-аракетинин өнүгүшүнө жана позициялык ой жүгүртүүсүнүн калыптанышына өбөлгө түзүп, билим берүүчү маалыматты жакшы өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк берген заманбап окутуу методу. Бул методду колдонуу класста кызыктуу биргелешкен ишти уюштурууга мүмкүндүк берет, ошондой эле университетте адистерди даярдоонун деңгээлинин жогорулашына шарт түзөт.

## АДАБИЯТТАР


1. Аранова С. В. К методологии визуализации учебной информации. Интеграция художественного и логического // Вестник Адыгейского государственного университета. Серия 3: Педагогика и психология. – 2011. – № 2. – С.18–24.
2. Вербицкий А. А. Активное обучение в высшей школе: контекстный подход. – М.: Высш. шк., 1991. – 207 с.
3. Желязны Д. Говори на языке диаграмм. – М.: Манн, Иванов и Фербер, 2012. – 320 с.
4. Lankow J., Ritchie J., Crooks R. Infographics: the Power of Visual Storytelling. – New Jersey: John Wiley&Sons Inc, 2012. – 263 p.
5. Mitchell W. J. T. What is visual culture? // Irvin Lavin, ed. Meaning in the Visual Arts: Views from the Outside. – Princeton, N.J.: Institute for Advanced Study, 1995.

## МАТЕМАТИКА

УДК 517.928.2

# ӨЗГӨЧӨ ЧЕКИТКЕ ЭЭ БОЛГОН СИНГУЛЯРДЫК КОЗГОЛГОН ДИРИХЛЕНИН МАСЕЛЕСИ

Бекмурза уулу Ыбадылла, аспирант,
Жээнбек уулу Тилек, магистрант,
Самидинов Абдуллабек, магистрант,
Ош мамлекеттик университети

**Аннотация:** Илимдин көптөгөн тармактарында татаал маселелер кичи параметрди кармаган дифференциалдык теңдемелер аркылуу сүрөттөлөт. Белгилүү физиктердин бири: "Эгерде кубулушта кичи параметр жок болсо, анда ал физикалык кубулуш болбойт" деген сөздү айткан. Эң жогорку тартиптеги туунду белгисинин астында кичи параметр катышкан дифференциалдык теңдеме (кадимки же жекече туундулуу) сингулярдык козголгон дифференциалдык теңдеме деп аталат. Мындай теңдемелер электротехникада, радиотехникада, механикада, гидродинамикада, аэродинамикада ж.б. кездешет. Макала өзгөчө чекитке ээ болгон сингулярдык козголгон Дирихленин маселесинин чыгарылышынын асимптотикасын тургузууга арналган. Алгач маселенин чыгарылышынын асимптотикалык ажыралмасы каралып жаткан кесиндинин бардык чекиттеринде тургузулат, андан соң бул ажыралманын калдык мүчөсү бааланат.

**Ачкычтык сөздөр:** Дирихленин маселеси, кадимки дифференциалдык теңдеме, сингулярдык козголуу, чек аралык катмар, максимум принциби, өзгөчө чекит.

# СИНГУЛЯРНО ВОЗМУЩЕННАЯ ЗАДАЧА ДИРИХЛЕ С ОСОБОЙ ТОЧКОЙ

Бекмурза уулу Ыбадылла, аспирант,
Жээнбек уулу Тилек, магистрант,
Самидинов Абдуллабек, магистрант,
Ошский государственный университет

**Аннотация.** Во многих областях науки сложные задачи описываются дифференциальными уравнениями с малым параметром. Одному известному физику приписывается фраза: «Явление не является физическим, если в нем отсутствует малый параметр». Дифференциальное уравнение (обыкновенные или в частных производных) с малым параметром при старшей производной называют сингулярно возмущенным дифференциальным уравнением. Такие уравнения возникают в электротехнике и радиотехнике, механике, гидра- и аэродинамике и т.д. Статья посвящена построению асимптотики решения сингулярно возмущенной

задачи Дирихле с особой точкой. Вначале строится асимптотическое разложение решения задачи на всем отрезке, затем оценивается остаточный член этого разложения.

**Ключевые слова**: задача Дирихле, обыкновенное дифференциальное уравнение, сингулярное возмущение, пограничный слои, принцип максимума, особая точка.

Илимдин көптөгөн тармактарында татаал маселелер кичи параметрди кармаган дифференциалдык теңдемелер аркылуу сүрөттөлөт [1]-[4]. Белгилүү физиктердин бири: "Эгерде кубулушта кичи параметр жок болсо, анда ал физикалык кубулуш болбойт" деген сөздү айткан. Эң жогорку тартиптеги туунду белгисинин астында кичи параметр катышкан дифференциалдык теңдеме (кадимки же жекече туундулуу) сингулярдык козголгон дифференциалдык теңдеме деп аталат. Мындай теңдемелер электротехникада, радиотехникада, механикада, гидродинамикада, аэродинамикада ж.б. кездешет [4]. Макала өзгөчө чекитке ээ болгон сингулярдык козголгон Дирихленин маселесинин чыгарылышынын асимптотикасын тургузууга арналган.

**Маселенин коюлушу**

Төмөнкү Дирихленин маселесин изилдейбиз

$$\varepsilon y''(x) - xp(x)y'(x) - q(x)y(x) = f(x), \; 0 \le x \le 1, \tag{1}$$

$$y(0) = a, \; y(1) = b, \tag{2}$$

мында ε – кичи параметр, $p(x), q(x) > 0$: $x \in [0,1]$; $p, q, f \in C^{\infty}[0,1]$, $a, b - const$, $p(0) = q(0) = 1$.

(1)- теңдемеде $q(x)$ функциясы каралып жаткан $x \in [0,1]$ кесиндиде оң болгондуктан, (1)-(2)- маселенин чыгарылышы жашайт жана жалгыз болот. Бизди (1)-(2)- маселенин чыгарылышы каралып жаткан кесиндиде кичи параметр нөлгө умтулгандагы абалы кызыктырат.

Эгерде формалдуу түрдө кичи параметрди нөлгө барабарласак, анда биз козголбогон маселени алабыз:

$$xp(x)y'_0(x) + q(x)y_0(x) = -f(x), \tag{3}$$

$$y_0(0) = a, \; y_0(1) = b. \tag{4}$$

(3)- дифференциалдык теңдеме биринчи тартипте, ошондуктан жалпы учурда ал теңдеменин чыгарылышы (4)- чек аралык шарттарды канааттандырбайт. (1)- теңдемеде $y'(x)$тин коэффициенти $x \in [0,1]$ кесиндиде терс болгондуктан классикалык чек аралык катмар бул кесиндинин оң учунда болот, б.а. $x=1$ чекиттин чеке белинде [4]-[9].

Бирок (1)- теңдемеде өзгөчө чекит $x$=0 чекиттин чеке белинде. Ошондуктан, (3)- теңдемени интегралдаганда чектик шарттарга көңүл бурбай, аны чексиз дифференцирленүүчү боло тургандай интегралдайбыз:

$$y_0(x) = -\frac{f(x)}{q(x)} + e^{-Q(x)}\int_0^x \left(\frac{f(s)}{q(s)}\right)' e^{Q(s)}ds, \quad \text{мында } Q(x) = \int_1^x \frac{q(t)}{tp(t)}dt. \quad (5)$$

Для решения этой проблемы решение первой краевой задачи (1), (2) будем искать в виде:

$$y(x) = V(x) + \Pi(t) + Z(\tau) \quad (6)$$

мында $V(x) = \sum_{k=0}^{\infty} \varepsilon^k v_k(x),\ \Pi(t) = \sum_{k=0}^{\infty} \mu^k \pi_k(t),\ t = x/\mu,\ Z(\tau) = \sum_{k=0}^{\infty} \varepsilon^k z_k(\tau),$

$\tau = (1-x)/\varepsilon,\ \mu = \sqrt{\varepsilon}.$

(5)ти (1)-(2)- маселеге коюуп, төмөнкү маселелерди алабыз:

$$\varepsilon V''(x) - xp(x)V'(x) - q(x)V(x) = f(x),\ x \in [0,1],\ V \in C^{\infty}[0,1], \quad (7)$$

$$\Pi''(t) - tp(\mu t)\Pi'(t) - q(\mu t)\Pi(t) = 0, \quad (8)$$

$$\pi_0(0) = a - v_0(0), \pi_{2k-1}(0) = 0,\ \pi_{2k}(0) = -v_k(0),\ \lim_{t\to\infty} \pi_{k-1}(t) = 0,\ k \in N.$$

$$Z''(\tau) + (1-\varepsilon\tau)p(1-\varepsilon\tau)Z'(\tau) - \varepsilon q(1-\varepsilon\tau)Z(\tau) = 0, \quad (9)$$

$$z_0(0) = b - v_0(1),\ z_k(0) = -v_k(1),\ \lim_{\tau\to\infty} z_k(\tau) = 0.$$

$V(x)$ функциясын $V(x) = \sum_{k=0}^{\infty} \varepsilon^k v_k(x)$ экендигин эске алып, (7)ден төмөнкү теңдемелерди алабыз:

$$xp(x)v'_0(x) + q(x)v_0(x) = -f(x),$$

$$xp(x)v'_k(x) + q(x)v_k(x) = v''_{k-1}(x),\ k \in N.$$

бул теңдемелерди $v_k \in C^{\infty}[0,1]$ шарты аткарыла тургандай кылып интегралдайбыз, (5) эске алуу менен, төмөнкүлөргөө ээ болобуз:

$$v_0(x)=-\frac{f(x)}{q(x)}+e^{-Q(x)}\int_0^x\left(\frac{f(s)}{q(s)}\right)'e^{Q(s)}ds,\qquad v_0\in C^\infty[0,1];$$

$$v_k(x)=\frac{v''_{k-1}(x)}{q(x)}-e^{-Q(x)}\int_0^x\left(\frac{v''_{k-1}(s)}{q(s)}\right)'e^{Q(s)}ds,\qquad v_k\in C^\infty[0,1],k\in N;$$

мында $Q(x)=\int_1^x\frac{q(t)}{tp(t)}dt.$

(8)-маселени карайбыз. $П(t)$ функциясы $П(t)=\sum_{k=0}^{\infty}\mu^k\pi_k(t),$ мында $t=x/\mu$ болгондуктан төмөнкү барабардык орун алат:

$$\sum_{k=0}^{\infty}\mu^k\pi''_k(t)-t\sum_{k=0}^{\infty}\mu^k\sum_{j=0}^{k}t^jp_j\pi'_{k-j}(t)-\sum_{k=0}^{\infty}\mu^k\sum_{j=0}^{k}t^jq_j\pi_{k-j}(t)=0,\tag{10}$$

мында $p(x)=\sum_{j=0}^{\infty}p_jx^j,\ p_j=\frac{1}{j!}p^{(j)}(0),\ q(x)=\sum_{j=0}^{\infty}q_jx^j,\ q_j=\frac{1}{j!}q^{(j)}(0).$

(10)- барабардыкты жөнөкөйлөштүрөбүз:

$$\pi''_k(t)-t\sum_{j=0}^{k}t^jp_j\pi'_{k-j}(t)-\sum_{j=0}^{k}t^jq_j\pi_{k-j}(t)=0,\ k=0,1,...$$

же

$$\pi''_0(t)-t\pi'_0(t)-\pi_0(t)=0,\ t\in(0,\infty),\tag{11}$$

$$\pi_0(0)=a-v_0(0),\ \lim_{t\to\infty}\pi_0(t)=0;\tag{12}$$

$$\pi''_k(t)-t\pi'_0(t)-\pi_k(t)=G_k(t,\pi_0,\pi'_0,...,\pi_{k-1},\pi'_{k-1}),\ t\in(0,\infty),\tag{13}$$

$$\pi_k(0)=0,\ при\ k=2n-1,\ \pi_k(0)=-v_n(0),\ при\ \ k=2n,\ \lim_{t\to\infty}\pi_k(t)=0,\ k,n\in N,\tag{14}$$

мында

$$G_k(t,\pi_0,...,\pi_{k-1},\pi'_{k-1})=t\sum_{j=1}^{k}t^jp_j\pi'_{k-j}(t)+\sum_{j=1}^{k}t^jq_j\pi_{k-j}(t),\ \ k\in N,$$

Кадимки дифференциалдык теңдемелердин теориясынан бизге белгилүү болгондой, $z''(t)-tz'(t)-z(t)=0$ бир тектүү теңдеменин сызыктуу көз каранды эмес

чыгарылыштары $z_1(t)=e^{t^2/2},\ z_2(t)=e^{t^2/2}\int\limits_{\infty}^{t} e^{-s^2/2}ds$, ал эми бул чыгарылыштардын

вронскианы $W(z_1,z_2)=e^{t^2/2}$ болот.

Ошондуктан (11)-(12) маселенин чыгарылышы:

$$\pi_0(t)=\frac{2}{\sqrt{\pi}}(a-v_0(0))e^{t^2/2}\int\limits_{\infty}^{t} e^{-s^2/2}ds \text{ болот, мында } \pi_0(t)=O(t^{-1}),\ t\to\infty.$$

Ал эми бир тектүү эмес

$$z''(t)-tz'(t)-z(t)=f(t),\ t\in(0,\infty),\ z(0)=A,\ \lim_{t\to\infty} z(t)=0$$

маселенин чыгарылышы

$$z(t)=\frac{2A}{\sqrt{\pi}}z_2(t)-z_1(t)\int\limits_{0}^{t} f(s)\int\limits_{\infty}^{s} e^{-\tau^2/2}d\tau ds+z_2(t)\int\limits_{0}^{t} f(s)ds \text{ болот.}$$

Аналогиялуу түрдө (13)-(14) маселелердин чыгарылыштарын жазууга болот. Бул жерде белгилеп кетүү керек, $\pi_k(t)$ чек аралык функциялар чек аралык катмардын сыртында экспоненциалдуу эмес, даражалуу мүнөздө кемийт, андан сырткары $\pi_k(t)\in C^{\infty}[0,\infty)$, $k\in \boldsymbol{N}_0$.

(9)- маселеден төмөнкү маселелерди түзүп алабыз

$$z_0''(\tau)+p(1)z_0'(\tau)=0,\ \tau\in(0,\infty), \tag{15}$$

$$z_0(0)=b-v_0(1),\ \lim_{\tau\to\infty} z_0(\tau)=0\ ; \tag{16}$$

$$z_k''(\tau)+p(1)z_k'(\tau)=\tilde{G}_k(\tau,z_0,z_0',\dots,z_{k-1},z_{k-1}'),\ \tau\in(0,\infty), \tag{17}$$

$$z_k(0)=-v_k(1),\ \ \lim_{\tau\to\infty} z_k(\tau)=0,\ k\in N. \tag{18}$$

мында $\tilde{G}_k(\tau,z_0,z_0',\dots,z_{k-1},z_{k-1}')=-\sum_{j=1}^{k}\tau^j\tilde{p}_j z_{k-j}'+\tau\sum_{j=0}^{k-1}\tau^j\tilde{p}_j z_{k-j-1}'+\sum_{j=0}^{k}t^j\tilde{q}_j z_{k-j-1}$

$$\tilde{p}_j=\frac{(-1)^j}{j}p^{(j)}(1),\ \ \tilde{q}_j=\frac{(-1)^j}{j}q^{(j)}(1),\ j=0,1,\dots$$

(15)-(16), (17)-(18) маселелердин чыгарылыштары жашайт жана жалгыз болот [7]:

$$z_0(\tau)=(b-v_0(1))e^{-p(1)\tau},$$

$$z_k(\tau) = -v_k(1)e^{-p(1)\tau} + \tau e^{-p(1)\tau}\tilde{H}_k(\tau),\ k \in N,$$

мында $\tilde{H}_k(\tau)$ – даражасы $k$ га барабар болгон көп мүчөлөр.

Бул жерде $z_k(\tau)$ чек аралык функциялар $x$=1 четки чекиттин чеке белинде экспоненциалдуу мүнөздө кемийт жана $z_k(\tau)\in C^\infty[0,\infty)$, $k\in \boldsymbol{N}_0$.

Ошентип биз (6)- чыгарылыштын бардык мүчөлөрүн аныктап алдык. Эми тургузулган (6)-катардын калдык мүчөсүн баалайбыз.

Мейли $y(x) = V_n(x) + \Pi_{2n}(t) + Z_n(\tau) + R_n(x)$ болсун, мында

$$V_n(x) = \sum_{k=0}^{n} \varepsilon^k v_k(x),\ \Pi_{2n}(t) = \sum_{k=0}^{2n} \mu^k \pi_k(t),\quad Z_n(\tau) = \sum_{k=0}^{n} \varepsilon^k z_k(\tau),$$

$R_n(x)$ – калдык мүчө.

Калдык мүчөгө карата төмөнкү чек аралык маселени алабыз:

$$\varepsilon R_n''(x) - xp(x)R'_n(x) - q(x)R_n(x) = O(\varepsilon^{n+1/2}),\ \varepsilon \to 0,\ 0 \le x \le 1, \tag{19}$$

$$R_n(0) = 0,\ R_n(1) = 0. \tag{20}$$

(19)-(20) маселеге максимум принцибин [10] колдонобуз:

$$R_n(x)=O(\varepsilon^{n+1/2}),\quad \varepsilon\to 0,\ x\in[0,1].$$

Натыйжада биз төмөнкү теореманы далилдедик:

**Теорема**. (1)-(2)- өзгөчө чекитке ээ болгон Дирихленин маселесинин чыгарылышы үчүн $x \in [0,1]$ кесиндиде

$$y(x) = \sum_{k=0}^{n} \varepsilon^k v_k(x) + \sum_{k=0}^{2n} \mu^k \pi_k(t) + \sum_{k=0}^{n} \varepsilon^k z_k(\tau) + O\left(\varepsilon^{n+1/2}\right),$$

асимптотикалык ажыралма орун алат, мында $t = x/\mu,\ \tau = (1-x)/\varepsilon,\ \mu = \sqrt{\varepsilon}.$

## АДАБИЯТТАР


1. Shiromani R., Shanthi V., Ramos H. A computational method for a two-parameter singularly perturbed elliptic problem with boundary and interior layers // Mathematics and Computers in Simulation. 2023, Vol. 206, pp. 40–64.

2. Liu Z., Wei J., Zhang J. A new type of nodal solutions to singularly perturbed elliptic equations with supercritical growth // Journal of Differential Equations. 2022. Vol. 339. pp. 509–554.

3. Smith J. Singular Perturbation Theory (Cambridge University press, Cambridge, 1985).
4. Nayfeh A.H. Perturbation Methods, Pure and Applied Mathematics (Wiley-Inter science Series of Texts, Monographs and Tracts, New York, 1973).
5. Tursunov D. A. and Bekmurza uulu Ybadylla Asymptotic Solution of the Robin Problem with a Regularly Singular Point // Lobachevskii Journal of Mathematics, 2021, Vol. 42, No. 3, pp. 613–620.
6. Турсунов Д.А. Асимптотическое разложение решения обыкновенного дифференциального уравнения второго порядка с тремя точками поворота // Тр. ИММ УрО РАН. 2016. Т. 22. № 1. С. 271–281.
7. Bekmurza uulu Ybadylla, Kozhobekov K.G., Tursunov D.A. Asymptotics of solutions of boundary value problems for the equation εy'' +xp(x)y' – q(x)y = f // EURASIAN MATHEMATICAL JOURNAL. Vol. 13, No 3 (2022), 82 – 91.
8. Kozhobekov K.G., Tursunov D.A. Asymptotic solution of a singularly perturbed Cauchy problem with a turning point // Journal of Mathematical Sciences. 2021. T. 254. № 6. C. 788-792.
9. Kozhobekov K.G., Tursunov D.A., Omaralieva G.A. Asymptotics of the solution of bisingular boundary value problems with a biboundary layer // Журнал Лобачевского по математике. 2023. T. 43. № 11. C. 3198-320.
10. Protter M.H., Weinberger H.F., Maximum-Principles in Differential Equations (Diff.Equat.Ser. Prentice-Hall, Inc. X, N. J., 1967).

ИНФОРМАЦИОННЫЕ ТЕХНОЛОГИИ

УДК 336.3

# ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРДЫН ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН АДАПТИВДҮҮ ВЕБ САЙТЫН ТҮЗҮҮ МЕТОДДОРУ

Бектемир уулу Бектурсун, магистрант,
Исманова Минура Медербековна, магистрант,
Ош мамлекеттик университети

**Аннотация:** PHP программалоо тилинде CSS Grid методун колдонуу менен университеттин окуу дисциплинасынын веб-сайт форматындагы электрондук окуу китебин түзүү жолдору каралган. Веб-сайт окутуучу курал катары толугу менен мобилдик телефондорго, планшеттерге, ноутбуктарга жана компьютерлерге медиа талаптар менен ылайыкташтырылган. Ар бир бөлүмдүн аягында билим деңгээлин текшерүү үчүн session_start() ыкмасын колдонуу менен тест программа түзүлгөн. Электрондук окуу китебинин веб-сайты студенттерге HTML, CSS, CSS Grid жана Notepad++ куралдарын колдонуу менен PHP программалоо тилин үйрөнүү боюнча өз алдынча иштөөгө арналган.

**Ачкыч сөздөр**: веб-сайт, адаптивдик веб-дизайн, медиа-талап, медиа-эреже, сессия инструменттери, сайттын макети, билимди баалоо.

# МЕТОДЫ СОЗДАНИЯ АДАПТИВНОГО ВЕБ САЙТА УЧЕБНОЙ ДИСЦИПЛИНЫ ВЫСШИХ УЧЕБНЫХ ЗАВЕДЕНИЙ

Бектемир уулу Бектурсун, магистрант,
Исманова Минура Медербековна, магистрант,
Ошский государственный университет

**Аннотация:** Рассмотрены способы создания электронного учебного пособия в формате веб-сайта учебной дисциплины ВУЗов с помощью CSS Grid на языке программирования PHP. Веб-сайт учебного пособия полностью адаптирована для мобильных телефонов, планшетов, ноутбуков и компьютеров с помощью медиа-запросов. В конце каждой главы для проверки уровня знаний создан тест-программа методом session_start(). Веб-сайт электронное учебного пособия предназначается для самостоятельной работы студентов по изучения языка программирования PHP с использованием инструментов HTML, CSS, CSS Grid

и Notepad++.

**Ключевые слова:** веб-сайт, адаптивный веб-дизайн, медиа-запрос, медиа-правило, инструменты сессии, верстка сайта, оценка знаний.

**1. Маселенин коюлушу.** Информациялык технологиялардын өнүгүүсү менен жогорку окуу жайлардын окуу куралдарына коюлуучу талаптар улам жаңыланып жатат. Мисалы, электрондук окуу куралдар веб-сайт тибинде даярдалып, алар адаптивдүү (ийкемдүү, ыңгайлашкан), интерактивдүү жана билимди баалоочу веб-сайт катары даярдалышы бүгүнкү күндөгү актуалдуу маселелердин бири болуп калууда.

Адаптивдүү веб-сайт деп ар түрдүү форматтагы түзүлүштөрдө (мобилдик телефондор, планшеттер, ноутбуктар, компьютерлер ж.б.) адекваттуу түрдө көрсөтүлүүчү веб-сайтты айтабыз. Адаптивдүү сайттын негизги артыкчылыгы болуп анын бардык түзүлүштөргө ыңгайлашуусу, экрандын өлчөмүнө жараша тексттердин, сүрөттөрдүн, таблицалардын ийкемдүү жайгашышы болуп эсептелет ([1]-[3]).

Иште жогорку окуу жайлардын окуу куралдарынын веб-сайтын адаптивдүү, интерактивдүү жана билимди баалоочу веб-сайт катары түзүлүшүнүн мисалы каралат.

Технологиялык проект. HTML жана CSS каражаттарын колдонуу менен PHP программалоо тили боюнча төмөнкү шарттарды канааттандыруучу веб-сайт түзүлсүн:

1) веб-сайтты түзүүдө CSS Grid технологиясы колдонулсун;

2) медиа-талаптар технологиясын колдонуу менен компьютерге, ноутбукка, планшетке жана мобилдик телефондорго ылайыкталган адаптивдүү веб-сайт даярдалсын;

3) окуу куралдын бөлүмдөрү боюнча билимди баалоочу тест-программа иштелип чыгылсын.

Маселени чечүү процессинде PHP, HTML, CSS, CSS Grid жана Open server каражаттары колдонулду. Макалада ЖОЖдордо окутулуучу «PHP программалоо тили» дисциплинасынын жогорудагы шарттарды канааттандыруучу веб-сайты түзүлдү.

2. CSS Grid технологиясы. Сайт түзүү процессинде программисттердин frontend жана backend иштеп чыгуучулар деп бөлүнүшү баарына маалым.

Frontend - деп сайтты колдонуучулардын өз ара аракеттерин, маалыматтарды кабыл алуусун, окуп чыгуусун, анализдөө менен суроо-талаптарга маалыматтарды жөнөтүү аракеттерин камсыздоочу веб-тиркеменин бөлүгүн айтабыз.

Backend – деп маалыматтарды кабыл алуу, базага сактоо, редакциялоо, жөнөтүү, базадан өчүрүү амалдарын логикалык башкаруу менен ишке ашырган веб тиркемесинин сервердик бөлүгүн айтабыз.

Сайттын Frontend бөлүгүн иштеп чыгууда негизинен HTML, CSS каражаттары жана Flexbox ыкмасы колдонулууда. Ал эми float left, float right, clear both каражаттары сайт түзүүдө ыңгайсыз болгондуктан, азыркы мезгилде алар колдонулбай калды.

Flexbox ыкмасы менен маалыматтарды бир ченемдүү багытта, башкача айтканда горизонталдык же вертикалдык багытта жайгаштырууга болот.

Азыркы мезгилде веб сайттын дизайнын түзүүдө маалыматтарды бир убакта эки багытта жайгаштырууга мүмкүнчүлүк түзгөн, башкача айтканда, эки ченемдүү тегиздикте маалыматтарды жайгаштырууга мүмкүнчүлүк түзгөн CSS Grid технологиясы кеңири колдонулууда.

Макалада «PHP программалоо тили» дисциплинасы боюнча электрондук окуу куралы CSS Grid технологиясы менен түзүлдү.

Мисалы, эгерде сайт башкы бөлүктөн, менюдан, негизги бөлүктөн жана футер (сайттын астынкы бөлүгү) бөлүмүнөн турса, анда CSS Grid технологиясы боюнча бөлүмдөрдү жайгаштыруу эрежеси төмөнкүдөй болушу мүмкүн (1-сүрөт).

```
.container{
    display:grid;
    height:100wh;
    grid-template-rows:auto 1fr auto;
    grid-template-areas:
         'header   header    header'
         'left     content   content'
         'footer   footer    footer';
    grid-gap:10px;
    grid-template-columns:minmax(200px,300px) 1fr 1fr;
    background:yellow;
}
```

1-сүрөт. CSS Gridбоюнча сайттын башкы барагынын макети

3. Медиа-талаптар. Азыркы мезгилде сайт түзүүдөгү негизги маселелердин бири болуп сайтты адаптивдүү (ийкемдүү, ыңгайлуу) формада даярдоо маселеси коюлууда, башкача айтканда, түзүлгөн сайт компьютерге, ноутбукка, планшетке жана мобилдик телефондорго ыңгайлашкан сайт болуусу зарыл. Бул маселелерди чечүү үчүн Медиа-талаптар макетин колдонсо болот.

*Медиа-талаптар деп веб-барактын макетин экрандын ар кандай өлчөмдөрүнө жана түзүлүштүн түрлөрүнө жараша ылайыкташтырып чыгаруучу CSS каражаттарынын конструкцияларын айтабыз.*

Медиа-талаптар – төмөнкүдөй касиеттерди текшерет:

*браузердин экранынын кеңдигин жана бийиктигин,*

*түзүлүштүн экранынын кеңдигин жана бийиктигин,*

*телефондун же планшеттин экранынын ориентациясын, б.а. альбомдуу же портреттүү экендигин аныктайт*

*белгилүү бир түзүлүштүн форматына жараша стилдердин тобун колдонууга мүмкүндүк берет.* Медиа-талап – төмөнкүдөй медиа-эрежелерден турат:

@media *<Түзүлүш> <Логикалык туюнтма> <Аткарылуучу шарттар>*

{ <Стилдер>;}

Эреже боюнча @media командасынан кийин түзүлүштүн мүнөздөмөсү жазылат (screen, print, all, speech), андан кийин логикалык туюнтма (and, not, onle, ‘,’) жана текшерилүүчү түзүлүштүн мүнөздөмөсү жазылат ( max-width, min-width, …). Фигуралык кашаанын ичине экрандын кеңдигине жараша колдонулуучу стилдерди жазабыз. Эгерде берилген шарт аткарылбаса, анда браузер бул медиа-талапты аткарбайт.

Сайттын адаптивдүүлүгүн камсыздоо үчүн браузерге беттин өлчөмүн жана чагылтуу масштабын белгилөө менен сайттын башкы барагынын <head> бөлүмүнө viewport мета тегин төмөнкү форматта жазып алуу керек:

<meta name=viewport content="width=device-width, initial-scale=1.0">

Мисалы, эң жөнөкөй медиа-талаптар төмөнкүдөй жазылышы мүмкүн:

```
@media screen and (min-width: 1200 px;)
{        <Стилдер>; /* Компьютер үчүн*/        }
@media screen and (min-width: 1024 px;)
{        <Стилдер>; /* Ноутбук үчүн*/    }
@media screen and (min-width: 768 px;)
{        <Стилдер>; /* Планшет үчүн*/   }
@media screen and (min -width: 480 px;)
{        <Стилдер>; /* Смартфон мобилдик телефону */  }
@media screen and (min-width: 320 px;)
{        <Стилдер>; /* Экраны эң кичине мобильный телефон үчүн*/      }
```

Инновациялык процессти башкарууда тигил же бул ыкманы тандоо реалдуу шарттарды эске алууга негизделиши керек. Тандоодо аныктоочу факторлор болуп төмөнкүлөр саналат: кабыл алынган инновациялык жүрүм-турум стратегиясы, жетекчиликтин кесиптик даярдыгы жана мектеп жамаатынын жетилгендиги. Инновациялык процесстерди башкаруунун натыйжалуулугуна таасир этүүчү факторлордун ичинен төмөнкүлөрдү белгилей алабыз: потенциалдуу инновациялар жөнүндө жогорку маалымдуулук; билим берүү мекемесинин актуалдуу көйгөйлөрүн терең жана толук түшүнүү; өнүгүү максаттарын тандоонун рационалдуулугу; максаттардын интеграциясы; реалдуу пландар; Педагогикалык жамааттын инновацияларды активдүү өнүктүрүүгө жана инновациялык процесстерди башкарууга болгон кызыгуусу [3; 64].

Инновациялык процесстин шарттарында башкарууга эң эффективдүү мамиле системалуу, максаттуу жана прогрессивдүү башкаруу принциптерине негизделген мамиле болуп саналат. В.С. Лазарев, мындай мамиле мектеп-тин абалын системалуу талдоо-нун негизинде, бүткүл педагогикалык коллективдин катышуусу менен инновацияларды өнүктүрүүнүн максаттарын жана пландарын иштеп чыгууга жардам берет. Мектепти өнүктүрүү багыттары ага учурдагы жана келечектеги талаптардын негизинде аныкталат. Жалпы жана өзгөчө өнүгүү максаттары ырааттуу жана бүтүн система түрүндө мектептин келечеги үчүн долбоор түрүндө аныкталат. Мектеп администрациясы бул долбоорду иштеп чыгууга жана баалоого, көйгөйлөр боюнча чыгармачыл топторду түзүүгө жана долбоордун коллективде кеңири талкуусун уюштурууга педагогикалык жамааттын активдүү мүчөлөрүн тартат. Долбоорду ишке ашыруунун деталдуу пландары түзүлүп, өнүгүүдөгү көйгөйлөрдү өз убагында аныктоо максатында «контролдук пункттардын» (аралык максаттар) комплекси түзүлүүдө. Жетекчиликтин стили педагогикалык жамааттын мүчөлөрүнүн активдүүлүгүн жана кызыгуусун арттырууга багытталган [1; 14].

Ошентип, мектепти өнүктүрүү стратегиясын тандоо жетекчинин татаал жана маанилүү милдеттеринин бири болуп саналат. Ал акылга сыярлык жана аң-сезимдүү болушу керек, тышкы жана ички шарттарды, анын ичинде мектептин өнүгүү деңгээлин,

педагогикалык жамааттын кесипкөйлүгүн, инновациялык долбоорлорду иштеп чыгуу жана ишке ашыруу тажрыйбасын эске алуу керек.

Тандалган стратегияга жараша билим берүү мекемесинин инновациялык ишмердүүлүгүн башкаруу ыкмасы да аныкталат [7; 161]. Инновациялык процесстин шарттарында башкарууга болгон ар түрдүү ыкмалардын ичинен эң натыйжалуусу – катышуучулук, системалуу, максаттуу жана демилгелүү башкаруу принциптерине негизделген мамиле. Педагогикалык адабиятта программалык-максаттуу мамиле деп аталат.

Билим берүү мекемесин өнүктүрүүнү башкарууга программалык-максаттуу мамиле системалуу өнүгүүнү башкаруунун негизги каражаты катары иш алып барган атайын максаттуу комплекстүү программаларды иштеп чыгуу аркылуу камсыз кылынат. Максаттуу комплекстүү программа жашоонун инновациялык режимине өтүп жаткан жана программалык-максаттуу өнүгүү идеологиясын негиз кылып алган билим берүү мекемесинин маанилүү стратегиялык документи болуп саналат.

Ал мектептин баштапкы абалын, каалаган келечектин образын, азыркыдан келечекке өтүү боюнча аракеттердин курамын жана структурасын аныктайт, б.а. өнүктүрүү стратегиясы жана тактикасы. Программаларга белгилүү талаптар бар: актуалдуулук, алдын ала айтуучулук, рационалдуулук, реализм, бүтүндүк, контролдонууга жөндөмдүүлүк жана кемчиликтерге карата сезгичтик. Программалык-максаттуу башкаруу салттарына жана Россиянын билим берүү мекемелеринде өнүктүрүү программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу тажрыйбасына таянып, изилдөөчүлөр мектепти өнүктүрүү программасынын конкреттүү структурасын иштеп чыгышкан.

Ал төмөнкү пункттарды камтыйт: программанын кыскача аннотациясы (паспорту); билим берүү мекемеси жөнүндө маалымат; программанын аналитикалык жана болжолдуу негиздемеси (мектептин абалына көйгөйлүү анализ); система катары мектептин келечектеги абалынын концептуалдык долбоору; мектепти жаңы абалга өткөрүүнүн стратегиясы жана тактикасы; колдонмолор [8].

Инновациялык процессти башкарууда тандалган ыкманын негизинде бул учурда программалык-максаттуу мамиле, башкаруу ишинин функциялары жана багыттары аныкталат. Чынында, бул стандарттуу башкаруу функциялары: пландаштыруу, уюштуруу, багыттоо жана контролдоо. Алардын өзгөчөлүгү окуу процессинин инновациялык абалы менен аныкталат.

Биринчи башкаруу функциясы билим берүү мекемесин өнүктүрүүнү пландаштыруу болуп саналат. Программалык-максаттуу мамиленин шарттарында системалык пландаштыруу төмөнкү милдеттерди чечүүнү камтыйт: мектептин абалын проблемага

багытталган талдоо, каалаган келечектин концептуалдык долбоорун иштеп чыгуу, инновацияларды баалоо жана тандоо, өзгөртүү стратегиясын иштеп чыгуу. жана аны ишке ашыруунун планы. Натыйжада билим берүү мекемесин өнүктүрүүнүн ырааттуу жана логикалык максаттуу комплекстүү программасы болушу керек.

Экинчи башкаруу функциясы - өнүктүрүү программасын ишке ашыруу үчүн уюштуруу структурасын камсыз кылуу. В.С. Лазарев уюштуруу структурасын куруунун эки негизги жолун карайт. Биринчи ыкма билим берүү мекемесинде болгон башкаруу структурасын колдонууну камтыйт. Мында иштеп жаткан түзүмдүк бөлүмдөргө билим берүү процессин камсыз кылуу боюнча функцияларды аткаруу менен катар өнүктүрүү программасынын ар кандай бөлүктөрүн ишке ашырууга байланышкан милдеттер жүктөлөт.

Мындай уюм менен координациялык функцияларды аткаруунун бардык түйшүгү жогорку деңгээлдеги жетекчилерге жүктөлөт жана алар бөлүмдөрдүн өз ара аракеттенүүсүн координациялоо маселелерин чечүүдө оорлошот. Экинчи ыкма сызыктуу функционалдык менен параллелдүү иштеген, бирок убактылуу болгон атайын максаттуу структураны түзүүнү камтыйт. Бул максаттуу структура мектепти өнүктүрүү боюнча кеңеш, максаттуу лидерлер (координаторлор) жана жоопту аткаруучулардан турат. Экинчи ыкма инновациялык программаны ишке ашырууну башкаруу үчүн эң эффективдүү [4; 164].

Максаттуу структуралар - долбоордун же матрицалык типтеги ийкемдүү уюштуруу структуралары. Бул структуралардын түзүлүшү башкарууну децентрализациялоонун белгилүү даражасын билдирет. Болбосо, жетекчиликке учурдагы милдеттерди чечүү, башкаруу жана өнүктүрүү боюнча ашыкча жүктөлөт, бул окуу жайындагы инновациялык процесстин агымына терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Бирок уюштуруу структураларынын эффективдүү иштеши үчүн горизонталдык координациялоонун жакшы жолго коюлган механизмдери зарыл. Аларды калыптандыруу үчүн шарттарды түзүү жетекчиликтин милдеттеринин бири, ал башкаруунун демократиялык принциптерин жетекчиликке алууга тийиш.

Үчүнчү башкаруу функциясы - инновацияга багытталган команданы иш жүзүндө башкаруу. Максаттуу программа иштелип чыккан учурдан тартып жана аны ишке ашыруунун бардык этаптарында педагогикалык жамааттын инновациялык ишмердүүлүккө кеңири катышуусу үчүн шарттарды түзүү зарыл. Буга байланыштуу окуу жайдын жетекчиси конкреттүү маселелерди чечет: айрым мугалимдердин каршылыгын жоюу жана инновациялык иш-чараларды ишке ашыруунун колдоочуларын издөө.

Инновациялык ишмердүүлүк өтө татаал мүнөзгө ээ болгондугуна байланыштуу жетекчи кол алдындагыларга олуттуу колдоо көрсөтүп, маселелерди топтук чечүү ыкмаларын үйрөтүшү керек. Ал мугалимдердин өзүн-өзү сыйлоосун жана өзүн-өзү

өнүктүрүүгө умтулуусун жогорулатууга салым кошуусу керек. Инновациялык коллективдерде окутуунун, квалификациясын жогорулатуунун жана консультация берүүнүн системасы калыптанышы керек, профессионалдык байланыш жана тажрыйбаны жайылтуу кубатталууга тийиш [5; 144].

Ошентип, менеджменттин негизги милдеттери болуп инновациялык программаны аткаруучулардын алдына максаттарды коюу жана инновациялык ишмердүүлүк үчүн жагымдуу мотивациялык шарттарды түзүү саналат.

Башкаруу ишинин төртүнчү функциясы инновациялык процесстерди контролдоо, талдоо жана жөнгө салуу болуп саналат. Билим берүү мекемесинин инновациялык ишмердигинин ийгилиги бул функцияны натыйжалуу ишке ашыруудан көз каранды. Инновациялык долбоорлорду ишке ашырууда пайда болгон көйгөйлөрдү өз убагында четтетүү мектепти туруктуу өнүктүрүү тенденцияларын сактоого мүмкүндүк берет. Инновациялык процесстерди ийгиликтүү көзөмөлдөө жана жөнгө салуу үчүн төмөнкү маселелерди чечүү зарыл.

1. Окуу жайда ишке ашырылган ар бир инновация үчүн картотека түрүндө берилген инновациялык банкты түзүү. «Инновациялардын жана инновациялардын мүнөздөмөлөрү» картасында: көйгөй, инновациянын максаты, анын маңызы, болжолдонгон натыйжасы, билимди колдонуу чөйрөсү боюнча инновациянын классификациясы, инноватор, инновациянын этаптары (идеяны калыптандыруу, максаттарды коюу, иштеп чыгуу, апробациялоо, жайылтуу, регулировкалоо), эксперименталдык апробациянын саны , инновациялык эксперименттин өзгөчөлүктөрү, контролдун формалары (коомдук, өзүн өзү контролдоо, эксперттер), инновацияны баалоо, ишке ашыруунун жүрүшүндө пайда болгон көйгөйлөр.

2. Инновациялык банктын маалыматтарынын негизинде натыйжаларды контролдоо жана талдоо. Негизги милдеттери: инновациялык процессти оңдоо үчүн билдирүү, жетишилген натыйжаларга эксперттик аналитикалык баа берүү жана корутундулар. Мындан тышкары инновациялардын бардык катышуучуларынын ишмердүүлүгү жана инновацияларды башкаруунун натыйжалары бааланат. Талдоо пландаштырылган натыйжадан четтөөнүн себебин, башкаруудагы алсыздыктарды жана педагогикалык жамааттын билиминдеги боштуктарды аныктайт. Чек арадан, мисалы, жарым жылдын же окуу жылынын аягында инновациялардын жыйынтыгына мониторинг жүргүзүү сунушталат.

Эксперттик контролдун жана талдоонун жыйынтыгы боюнча профессордук-окутуучулар жамааты инновацияларды жөнгө салуу жана оңдоо программасын иштеп чыгышат.

Ошентип, инновациялык процессти башкаруу, башкаруу ишинин татаал жана жооптуу түрү болуп саналат. Ал билим системасынын жетекчисинен билим берүү мекемесиндеги инновациялык процесстин контекстинде башкаруу ишмердүүлүгүнүн негизги мазмуну, мектепти өнүктүрүү боюнча максаттуу комплекстүү программаларды (ЦКП) иштеп чыгуу, башкарууну пландаштыруу жана уюштуруу жөндөмдүүлүгүн талап кылат.Бул билим берүү мекемесинде инновациялык процессти жөнгө салат.

## АДАБИЯТТАР


1. Лазарев, В. С. Педагогическая инноватика: объект, предмет и основные понятия Текст. / В. С. Лазарев, Б. П. Мартиросян // Педагогика. 2004, - № 4. -С. 11-21.
2. Лазарев, В. С. Нормативный подход к оценке инновационной деятельности школы Текст. / В. С. Лазарев, Б. П. Мартиросян // Педагогика. 2003. -№3.-С. 17-26.
3. Поляков С.Д. Педагогическая инноватика: от идеи до практики. - М.:Педагогический поиск, 2007, 167с.
4. Хуторской А. В. Педагогическая инноватика: методология, теория, практика: Научное издание. – М.: Изд-во УНЦ ДО, 2005. – 222 с.
5. Новые педагогические и информационные технологии в системе образования: [учеб. пособие: для студентов вузов] / под ред. Е.С. Полат. - 4-е изд., стер. - М.: Академия, 2009. – 268 с.
6. Кларина Л. Инновационная деятельность: становление, развитие, критерии эффективности Текст. / Л. Кларина // Директор школы. 2001. - № 10. -С. 72-79.
7. Казакова, В. Н. Управление инновационными процессами в дошкольных образовательных учреждениях Текст. : Дис. .канд. пед. наук : 13.00.07 / В. Н. Казакова. Екатеринбург, 2000. - 161 с
8. Инновации в образовании: понятие, сущность, характеристика и классификация Электронный ресурс. Режим доступа к изд.: http://www.tspu.tomsk.ni/student/l/innovacl.htm. - Систем, требования: IBM PC; Internet Explorer. - Загл. с экрана.
9. Билим берүүдө онлайн платформаларды колдонуу. Методикалык колдонмо/ М. Алтыбаеванын редакциясы алдында. – Ош, 2021. 177 б

## ПЕДАГОГИЧЕСКОЕ ОБРАЗОВАНИЕ

УДК: 37/1171

# АДАБИЙ ОКУУ ПРЕДМЕТИН ИНТЕРАКТИВДҮҮ МЕТОДДОР АРКЫЛУУ ОКУТУУ

Үкүева Бушарипа Кожояровна, профессор,
Абдималик кызы Фатима, магистрант,
Ош мамлекеттик университети

**Аннотация**. Макаланын ички мазмуну жана актуалдуулугунда баштапкы билим берүүдө адабий окуу предметин интерактивдүү методдор аркылуу окутууда окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуунун өзгөчөлүктөрү жана ыкмалары жөнүндө сөз болуп, окуучуларды адабий окууга кызыктырууда аны түшүнүүдө заманбап ыкмалардын тийгизген таасири жөнүндө изилденип, онлайн платформалар, топтук иштөөлөр, кластер, БББк ж.б. ар түрдүү окуу стилдерин жана артыкчылыктарын канааттандырган динамикалык интенсивдүү окуу жараянын түзөөрү баса белгиленген. Бул жагдайда макаланын максаты адабий окуу предметин окутууда интерактивдүү стратегияларды колдонуудагы көйгөйлөрдү карап чыгып, ал маселени эффективдүү педагогикалык долбоорлоонун жана интеграциялык маанилүүлүгүн анализдеп, заманбап билим берүүдөгү окуу тажрыйбасын байытуу аркылуу окуучулардын арасында адабий окуу предметине болгон кызыгуусун арттыруу менен, ага терең баа берүү жөнүндөгү окутуунун интерактивдүү ыкмаларын сабакта колдонуунун зарылдыгын көрсөтүү болуп саналат.

**Ачкыч сөздөр:** Метод, заманбап, практика, стратегия, жараян, активдүүлүк, педагогика, динамика, окуу стили, долбоор.

# ПРЕПОДАВАНИЕ ПРЕДМЕТА ЛИТЕРАТУРНОГО ЧТЕНИЯ С ПОМОЩЬЮ ИНТЕРАКТИВНЫХ МЕТОДОВ

Үкүева Бушарипа Кожояровна, профессор,
Абдималик кызы Фатима,магистрант,
Ошский государственный университет

**Аннотация.** Во внутреннем содержании и актуальности статьи рассказывается об особенностях и методах повышения творческой активности учащихся при преподавании предмета литературного чтения в начальном образовании с помощью интерактивных методов, исследуется влияние современных подходов к его пониманию при привлечении учащихся к литературному чтению, рассматривается возможность использования онлайн-платформ, групповой работы, кластера, СПО и т.д.Б. подчеркивается, что он создает

динамически интенсивный процесс обучения, который удовлетворяет различным стилям обучения и предпочтения. Цель статьи рассмотреть проблемы применения интерактивных стратегий в преподавании предмета литературного чтения, проанализировать важность эффективного педагогического проектирования и интеграции данного вопроса и показать необходимость применения на уроке интерактивных методов обучения глубокой оценке предмета литературного чтения путем повышения интереса учащихся к предмету литературного чтения путем обогащения опыта обучения в современном образовании.

**Ключевые слова.** Метод, современный, практика, стратегия, процесс, деятельность, педагогика, динамика, стиль обучения, проект.

Өлкөбүз эгемендикти алгандан бери коомдун өнүгүүсүнө жараша билим берүү системасында бир топ өзгөрүүлөр, жаңылануулар болуп, заман талабына ылайыкташкан окуу процесси жүргүзүлүү менен интерактивдүү усулдарды пайдаланып, сабак өтүүнүн тартиби, жол - жоболору көрсөтүлө баштагандыгы анык. Анткени, заманбап билим берүү учурда актуалдуу болуу менен зет муундарга билим, тарбия берүү жараянында интерактивдүү усул менен сабак өтүүдө окутуучунун ролу эбегейсиз чоң экендиги чындык. Анткени, ал фасилитатор насаатчы, багыт берүүчү катары биринчи планга чыгат. Анткени, **Фасилитация** – жеңилдетүү, шарт түзүү, көмөктөшүү жагымдуу шарт түзүү деген түшүнүктү билдирип, ал эми **мугалим** – фасилитатор катары: студенттер же окуучулар менен бирдикте өткөн теманы кайталап, аны жаңы тема менен болгон байланышын аныктайт. Жаңы теманы жарыялап, анын максатын аныктап айтып берет. Студенттерге, окуучуларга тапшырманы түшүндүрүп, кайсы ыкманы пайдаланаары айтылып, таркатма материалдар берилет. Иштөө мөөнөтүн белгилейт «Сурооңор болсо бергилде» деп окуучулар менен байланышып, аларга багыт берип турат. Окуучулардын иштөө тартиби: негизги эреже менен тааныштырылат. Берилген мөөнөт аяктаганда, аткарган иштерин айтып берүүнүн тартиби (презентация) менен тааныштырат. Маалыматтарды топтоп, идеяларды тактоого жардамдашып, ар бир студентти көңүл коюп угат. Студенттерди өз билимдерин бири-бири менен бөлүшүп кызматташ болууга чакырат. Талкуунун аралыгында жыйынтыктоочу бүтүм чыгарып, теория менен практиканы айкалыштырат. Окуу материалын жеңил кабыл алууну жана өздөштүрүүнү камсыз кылуучу ыкмаларды колдонот.

Андыктан, улуу окумуштуу, педагог Ян Амон Коменский баса белгилегендей: “Мугалим деген педагогикалык чеберчиликке ээ, өз ишин чексиз сүйгөн, чыгармачыл, окуучулардын өз алдынча ой жүгүртүүсүн, билимге болгон кызыгуусун өстүргөн, окуучулардан коомго пайдалуу адамдарды тарбиялап чыгарган инсан, эмгекчил жана билимдүү адамдын үлгүсү болууга тийиш” деген маңыздуу айтылган пикри боюнча ой жүгүртүп көрсөк, чындыгында мугалим окуучуларга заманбап билим ерүүдө бирөөнүн көз карашы, пикири менен эсептешип, аны сыйлап, уга жана балай билген өз оюн аргументтүү

натыйжалар аркылуу далилдеп, сунуш киргизе алган, анын натыйжасын алдын – ала көрө билген, компетенттүү чыгармачыл планетардык деңгээлде ой жүгүртүүгө жөндөмү бар чыгармачыл окуучулардын инсандык сапаттарынын өнүгүшүнө багыт берүүчү инсан катары чыгат. Анткени, мугалимдин берген билими окуучуларга жугумдуу болсо гана эртеңки келечек муундун билимге болгон дарамети жогорулап, психологиясында чыгармачылык жигердүүлүктү калыптандыруу аркылуу эл агартуу системасынын алдында турган ар дайым актуалдуулугун жоготпогон орчундуу жана көйгөйлүү маселе эгемендүү республикабызда тарбияланып жаткан жаш бөбөктөрдөн тартып, окуучуну, студентти, ар бир атуулду **“чыгармачыл активдүү позициядагы инсан”** кылып тарбиялоо негизги максат катары ишке ашат. Ошондо гана мамлекетибиз бардык кризистерден чыгып, чыныгы гүлдөгөн өлкөгө айланарына кепилдик бар. Ошондуктан, бул маселени ишке ашыруу үчүн окутуу практикасында инновациялык методдорду колдонуу актуалдуу болууда. Мындай традициялык эмес жаңыча технологиялардын бири – **интерактивдүү метод** болуп эсептелет. Бул метод өнүккөн өлкөлөрдүн билим берүү системасында бир топтон бери колдонулуп келе жаткан, практикада сыноодон өткөн, өзүнүн турмушка жөндөмдүүлүгүн көп жагынан далилдеген метод болуп саналары белгилүү. «Окутуунун интерактивдүү методдору» жана «интерактивдүү окутуу» терминдери бизге англис тилинен кирген (interactive: inter - арасында, ортосунда; active act сөзүнөн – аракет кылуу, аракет). Интерактивдүү метод сөз айкашын окуучулар бири-бирине өз ара таасир берүүгө мүмкүнчүлүк берген методдор катары которууга болот, интерактивдүү окутуу термини - өз ара аракет этүүгө негизделип түзүлгөн окутуу. Бул интерактивдүү методдордун маңызы: окутуу бардык окуучуга, анын ичинде мугалимге да, өз ара аракет этүү жолу менен жүргүзүлөрүн баса белгилеп өтүү зарыл. Образдуу айтканда, селкинчекти биргелешип тебүү. Интерактивдүү окутуу бир нече методологиялык артыкчылыктарга ээ. Ал баарынан мурда, катышуучулардын бири-бири менен жана мугалим менен активдүү эмоционалдык баарлашуусуна, пикирлешүүсүнө негизделген.Интерактивдүү метод – билим берүүдө жаңы сөз эмес, азыр аны менен окуучулар, мугалимдердин көпчүлүгү жакшы тааныш болуп калды, бирок алар жетиштүү деңгээлде пайдаланылбай жатат. Кээде, бул методду ашыкча коздук катары кабыл алган жагдайлар да жок эмес. Көбүнчө алар практикалык, семинардык, лабораториялык сабактарда, тажрыйбалык (инновациялык) программаларда жана курстарда колдонууга орун берилет. Интерактивдүү окутуу методун пайдалануу аркылуу жаштарды жарандык жоопкерчиликке жана сабырдуулукка (толеранттуулук) тарбиялоо проблемаларын өнүктүрүү боюнча төмөнкү принциптерде негиздөө зарыл:

Окуучулардын адабий окуу предмети аркылуу алган билимин, билгичтигин жана көндүмүн, ошондой эле, алардын турмуштук тажрыйбалары аркылуу белгилүү бир көз

караштарга ээ экендигин эске алуу; Ушуларга таянып, алар менен биргелешип жаңы идеяларды издөө жана өз пикирибизди таңуулабастан туруп, алардын оюн эске алуу аркылуу көркөм чыгармаларга талдоо жүргүзүү; Окуучулардын талкууга катышуусун жана өз ара аракеттенүүсүн колдоо.Мугалим окуучулар жамаатынын өзгөчөлүгүн жана биргелешип иштөөгө даярдыгы канчалык даражада экендигин эске алуусу керек;

Белгилүү окутуу методунун ыкмаларынын максаттары жана милдеттери маанилүү роль ойноорун эске алуусу оң;

Мугалим кадам сайын тигил окутуу методунун ыкмаларын ишке ашыруунун негизги баскычтарын көз алдына келтирип, анын натыйжаларын алдын ала билиши жөндүү. Окутуунун интерактивдүү методунун артык чылыктарына токтоло кетели. Тажрыйба көрсөткөндөй, интерактивдүү метод окуучунун аң - сезимине, туюмдарына, эрктик сапаттарына таасирин тийгизет, ошондой эле аларды илимий жана практикалык **билимге,** билгичтикке, көндүмгө тарбиялап, илимий билимдерди өздөштүрүүнүн деңгээлин жана пайызын жогорулатат. Анткени, заман талабына ылайык билим берүүнүн тарыхый узак жолунда билим жана тарбия берүү ишмердүүлүгүн изилдеген, келечек багытын аныктап, алдын ала илимий жол көрсөтүп берген педагогика ар дайым жаңылыктарды таап, практикага киргизип, анын оң жана терс жактарын аныктап, керектүүлөрүн кабыл алып, керексиздеринен арылтуунун жолун издөө жараянында бир топ өзгөрүүлөр, жаныlануулар болууда. Ал эми билим сапатына акыркы жылдары аныктоого көңүл буруу жагы каралып , педагогика жана мектеп практикасында “окутуунун активдүү методдору жана формалары” деген түшүнүктөр көп жылдардан бери эле колдонулуп келе жатса да, “интерактивдүү окутуу” деген түшүнүктүн пайда болгонуна анчалык узак мөөнөт болбоду. Окуучу өз алдынча иштеп, жаңыга умтулуп, окуу ишмердүүлүгүндө майнаптуу натыйжага жетишип, ошол натыйжасын турмушунда колдоно билүү компотенттүүлүгүнө ээ болуу эң башкы талаптардын бири экендигинде сөз жок. Азыркы окуучуну күтүп жаткан келечек анын адис катары билимдүү болушун, адам катары ийкемдүүлүгүн, ар кандай эмгек рыногундагы атаандаштыкка туруштук бере алышын талап кылат, андай адисти даярдоо үчүн мугалимге маалыматтыккоммуникативдик компетенттүүлүк зарыл, ошондо гана ал окутуу процессине маалыматтык, коммуникативдик технологияларды тартып, сабагын жана сабактан тышкаркы иштерди майнаптуу уюштура алат.. Бирок, интерактивдүү окутуу деген маселе жок жерден чыга калган эмес, анын тарыхый негиздери, теориялык базасы узак жылдардан бери эле калыптанып келген. Мисалы, ага төмөнкүдөй идеяларды кошууга болот: инсан ишмердүүлүгүндөгү ырааттуулук мамиле теориясы (М.С. Каган), баарлашуу кеби тууралуу философиялык жана лингивистикалык эмгектер (М. Бахтин, Л. Якубинский, Л.В. Шерба, К. Гарднер ж.б.), психиканын өнүгүшүн маданий тарыхый түшүнүү концепциясы (Л.С.

Выготский), ишмердүүлүктүн психологиялык теориясы (А.Н. Леонтьев), акыл- эс кыймыл-аракетинин бара–бара калыптануу теориясы (П.Я. Гальперин), инсан психологиясынын татаал кубулуш экендиги боюнча изилдөөлөр (С.Л. Рубинштейн, А.Р. Лури, Д. Б. Эльконин), чыгармачылыктын психологиясы боюнча ойлор ( Я.А. Пономарева, А.Н. Лук ж.б.). Бул бардык предметтер сыяктуу эле адабиятты интерактивдүү окутуу боюнча изилдөөгө да методологиялык негиз болуп саналат. Интерактивдүү окутуу баарлашуу иш аракети жана анын теориясы менен байланышат. Баарлашуу тууралуу илимий концепциялар да ар түрдүү илим багыттарында иштелип чыкты (Г.М. Андреева, А.А. Бодалев, Л.Г. Буева, М.С. Каган, А.Н. Леонтьев, Б.Ф. Ломов, Н.Н. Обозов, Б.Д. Парыгин), алардын ичинде баарлашып жаткандардын өз ара бири –бири менен аракеттенүүсү да кеңири каралды (Б.Г. Ананьев, Г. М. Андреева, А.А. Бодалев, А.Б. Добрович, Н.Д. Гальскова, Н.И. Жинкин, З.Н. Никитенко, В.А. Кан-Калик, Б.Ф. Ломов, В.Н. Мясищев, Е.В. Мещерякова ж.б.). Бир катар диссертациялык иликтөөлөр (Н.Р. Анисимович, Т.В. Асламова, Ю.В. Маслов, И.Б. Череповская) баарлашууну же интерактивдүүлүктү окутуунун сапатын арттыруучу каражат экендигин ачып берүүгө арналды (Байгазиев С. – Бишкек, 2004. – 25 б).

Демек, мына ушул теорияларды, методологиялык негиздерди баштапкы билим берүүдө адабий окуу предметин инновациялык методдор аркылуу окутууда негизги максаты төмөнкүлөр экени көрсөтүлөт:” Мектеп окуучусун өз улутунун жана адабий окуу предметинин мыкты казыналары менен тааныштыруу.  Алардын дүйнөнү кабылдоодогу эстетикалык табитин ойготуп, өнүктүрүп, атуулдук, адеп - ахлактык позициясын бекемдөө. Мындай максат-милдеттерди аткаруу үчүн: өз улутунун жана адабий окуу предметинин мыкты үлгүлөрүн окуучуларга окутуп-үйрөтүү керек; окуучулардын көркөм нарктарды кабылдоосун жана сөз өнөрүн мыкты өздөштүрүүсүн камсыз кылган билимин жана билгичтигин, көндүмдөрүн калыптандырып, адабиятты улуттук жана бүткүл адамзаттык негизде кабыл алуусун иштеп чыгуу;

адамда көркөм чыгармачылык табитти, жөндөмдү өнүктүрүү, анын чыгармачылык ой чабытын, образдуу ой жүгүртүүсүн, эстетикалык туюм-сезимдерин жана анын келечек жашоо турмушунда зарыл болгон жана башка түшүнүк, көз караштарын өстүрүү;

**Изилдөөнүн максаты:** адабий окуу предмети аркылуу интерактивдүү окутуунун жолдорун илимий негизде кароо. **Милдети** – адабий окуу предметин интерактивдүү методдор аркылуу окутуунун жолдорун аныктоо.   **Колдонулган методдор:** аралаш метод

**Талкуу жана натыйжалар.** Мезгил мелжеми өткөн сайын методикалык-теориялык илимдердин мазмуну өзгөрүп, илимий таанып-билүүнүн методдору өркүндөп, бир топ жаңы нукка бурулду. Айрыкча баштапкы билим берүүдө адабий окуу предметин окутуу

концепциясынын негизинде билим берүү системаларында вариативдүүлүк принциби күч алып, педагогикалык закон-ченемдерди модернизациялоого жана автордук окуу пландарын, программаларын түзүүгө мүмкүнчүлүк берди. Натыйжада окутуунун жаны технологиялардын жаңы идеяларын, табылгаларын жана жетишкендиктерин, инновациялык окутууну жана башка , окуу тарбия процесстеринде тажрыйбалоо мүмкүнчүлүктөрү турмушка ашырылды. Мындай өзгөрүүлөр билим берүүнүн баардык баскычтарында окутуунун өндүрүштүк эффективдүүлүгүн көрсөтүү менен окумуштуулардын изилдөө обьектисин түзүүдө. Тактап айтканда интерактивдүү методдун системасында “моделдөө” түшүнүгү бар. Ал эмнени түшүндүрөт? Мугалимдин окуучулар менен сүйлөшүүсү, кеп маданияты, үнүнүн тону, конфликтик кырдаалда өзүн кандай кармоо ж.б. тарбия берүүчү атмосфераны жаратат. Анда окуучулардын өзүнүн адам экендигин сезүү, компетенттүү болуу, маанилүү чечимдерди кабыл алуу туюмдары өнүгөт. Мугалим окуучулар үчүн ролдук модел болот, ошондуктан практикада алардан талап кылган нерселерди мугалим өзү аткарып көрүшү кажет. Бирок билимди алганы менен окуучу аны пайдалана билөөсү мумкүн, ал үчүн ал эмгектенүүнүн көптөгөн ыкмаларын билүүсү абзел ( Бекбоев И. 2015, 15- б). Ошондуктан окуучунун өз ой-пикирлерин эркин, тартынбай айтуусуна жетишүү үчүн мугалим төмөндөгү ыкмаларды колдонсо болот:

1. Өз пикирин айткан студентке: рахмат айтып дайыма ыраазычылык билдирип туруңуз.

.«Сен туура эмес айттың» деп сындап, баа бербеңиз, андан көрө «Бул пикирге макулсуңарбы» деп башка студенттерден сураңыз.

Талкууга пассивдүү студенттерди тандоого аракеттениңиз, кээде алар пассивдүү көрүнгөнү менен абдан кызыктуу ой пикирлерди айтышат.

Эгерде талкууланып жаткан маселе студент тердин көпчүлүгү үчүн түшүнүксүз болсо, анда окуутуучу өз көз карашын айтып берсе болот.

2. Студенттер менен бирдикте иштелип чыккан «Алтын эрежени» көрүнүктүү жерге илип коюңуз. Окутуучу биринчи кезекте окуу процессин уюштуруучу, студенттер үчүн кеңеш берүүсү фасилитатор (насаатчы). Мугалимдин эң маанилүү функциясы студенттердин өз алдынчалыгын жана демилгесин колдоо көрсөтүү болуп эсептелет. Анткени, мугалим окуп үйрөнүлүүчү предмет менен студенттин ортосунда ортомчулук милдет аткарат (Богданова О. Ю., Леонов С.А., Чертов В.Ф. -М.: 2004. – 400 - б.).

Интерактив режиминде иштеген мугалимдин жүрүш турушуна кең пейилдик студенттерди уга жана түшүнө билүү, алардын пикирлерди, идеяларды айтуусун кубаттаган сапаттары басымдуу болушу зарыл. Окутуунун интерактивдүү методун колдонуп өтүлгөн

сабакта анын алгачкы минутасынан акыркы минутасына чейин окуучу чыгармачылык менен ойлонууга шарт түзүлөрүн байкоого болот (Шербаева Ж. “Китеп. kg” – 2022. 31-б.)

Окуучунун чыгармачыл сынчыл ой жүгүртүүсүн, ишмердүүлүгүн өнүктүрүп, багыт

берүүдө мугалимдин таланты - кесипкөйлүгү негизги ролду ойнойт.

Абадий окуу предметин окутууда заманбап билим тууралуу ар түрдүү көз караштар айтылып, айрым учурда азыркы мектепке педагогикалык технологияларды, окутуунун форма жана методдорун өзгөртүү керектигин, бир предметти башка бир же бир нече предмет менен интеграциялоо (адабият – риторика, адабият – тил – риторика, адабият – адеп сабагы ж.б.); окутуунун жамаатташкан ыкмаларын практикалоо; семинар, коллоквиум, дискуссия, адабий сот, адабий жана экологиялык окуу, мини-практикум сыяктуу салттуу эмес жолдорду колдонуу керек десе, А. М. Моисеев учурда көбөйүп, а түгүл модага айланып жаткан инновациялык билим берүү мекемелеринин бир топ ресурстарын түзгөндө гана ошол мектептер натыйжа берерине токтолуп, андай ресурстарга төмөнкүлөрдү көрсөтөт:

- бала ресурсу; кадр ресурсу; инфраструктура; финансы; материалдык-техникалык ресурстар (интерьердин байлыгы ж.б. тышкы көрүнүштөр); концептуалдык;
- информациялык; программалык-методикалык; консультативдик; мотивациялык ресурстар ( Апыш Б. – Бишкек, 2002. – 34 - б.).

Мындай көз караштардан алып караганда ушул ресурстардын баарын азыркы Кыргызстандын экономикалык абалы менен талаптагыдай жогорку деңгээлде түзүп чыгуу кыйын экендигин баса белгилеп өтүү зарыл. Анткени, бул концепцияны иштеп чыгууда бир топ кыйынчылыктарды пайда кылгандыгы менен белгилөөгө болот. Анткени, аталган маселелерди чечүү аракети бардык доорлордо болуп келген жана азыр активдүү улантууну талап кылууда. Ал республикадагы педагогикалык процессте уюштурулуп жана пайдаланыла баштаган инновациялык иштерди алдыңкы үлгүлөрүн талдоо, эл аралык планда келип чыккан билим берүү натыйжаларын өлкө ичинде бардык предметтер боюнча практикалоо аркылуу алга кадам таштап бара жаткан окуу процессине баа берүү менен коштолгондугу маалым. Адабий окуу предметин окутууда интерактивдүү окутуу методунун ыкмаларын пайдаланууда жогорудагы белгилеп өткөн ресурстардын негизинде **Акыл чабуулу** ыкмасы сабакта колдонуунун эркин формасы болуп эсептелет. Анын негизги максаты – анализдебей жана талкуулабай туруп ой лорду чогултууну камсыз кылуу. Мисалы, көйгөй айтылат жана андан кийин негизги суроо берилет: «Төмөнкү кырдаалдарда сен кандай аракет кылмаксың…?». Андан кийин топ өз ойлорун сунуш кылышат. Акыл чабуулун өткөрүүнүн эрежелери: Класстагы атмосфера жагымдуу болушу зарыл. Бардык ойлорду, сунуштарды сындабастан кабыл алуу. Ар бир сунуш кылынган ой колдоого

алынат. Ойлор кандай болгонуна карабай: эң жөнөкөй ойлор да, көйгөйдү чечүүгө, жаңы чыгармачы лык жолго секирик жасоого түрткү болушу мүмкүн. Акыл чабуулуна катышуучулардын тең укуктуулугу сакталат. Ар бир катышуучу анын үнү угуларын жана караларын билиши керек. Бул ыкма активдүүлүктү ойготот (Пранцова Г.В., Романичева Е.С. - М.: Флинта-Наука, 2012.272 - б) Ал эми "**эки же төрт окуучу менен доскада практика кылуу" методу** аркылуу окуучулардын топ менен иштөө жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырууга болот. Мугалим сөздү айтат  ал эми окуучулар туура сөздү көрсөтүү үчүн мелдешет. Бул сөздү түшүнүүнү практика кылат. Мугалим бир сөздүн маанисин айтат, ал эми окуучулар болсо туура сөздү көрсөтүү үчүн мелдешет. (мисалы, эгерде сөздөрдүн бирөөсү «отургуч» болсо мугалим «мисалы, биз ага отурабыз, ал эмне?» деп айтат.). Бул көнүгүү сөз менен анын маанисин байланыштырууну үйрөтөт. **Ошондой эле "кичи топто практика кылуу" ыкмасында** окуучулар 2 кадамды кичи топто практика кылат: бир окуучу доскадагы сөздөрдү А4 кагазга жазат. Анан ал сөздөрдү бирин айтат, калган окуучулар айтылган сөздү доскадан көрсөткөнгө мелдешет. (окуучулар сөздөрдү кезек менен айтышат.) Андан кийин бир окуучу бир сөздүн маанисин айтат. (же анын маанисине байланышы бар маанини берет) жана башка окуучулар туура сөздү көрсөтүү үчүн жарышат. (Кайра эле, окуучулар сөздүн маанисин айтуу үчүн кезекке турушат. Бирок кээ бир окуучулар үчүн бул өтө кыйын болушу мүмкүн. Андай учурда алар болгону жооп берүүнү улантат; негизи окуучулар өздөрүн ыңгайлуу сезген оюнду ойногону жакшы.)

Андыктан, адабий окуунун билим жараянында, заман талабына ылайык келген бүгүнкү күндөгү интерактивдүү окутуу технологияларын колдонуу айрыкча башталгыч класстарда окуучулардын таанып-билүү иш-аракеттерин активдештирүүгө өбөлгө түзгөндүктөн, окуучуларды окутуунун ийгилиги туруктуу оокуу мотивациясынын жана таанып-билүү активдүүлүгүнүн болушунан түздөн-түз көз каранды.Анткени, мотивация изилденип жаткан материалдын ийгиликтүү болушуна өбөлгө түзөт. Окутуунун оң натыйжасы баланын инсандыгын өнүктүрүүгө өбөлгө түзгөн интерактивдүү технологиялардын натыйжалуулугу. Ошентип, интерактивдүү сабак демейки салттуу сабактан айырмаланып, окуучулардын өз ара жана мугалим менен дайыма пикир алышууда болуусу жана биргелешкен, демилгелүү иш-аракеттери, жыйынтыгында иреттүү, белгилүү бир тыянаккорутундуларга келүүсү катары баалуу. Ошондуктан, теория менен практиканы айкалыштырууда окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүн калыптандырууда адабий окуу сабагында колдонулуучу ар кандай ыкмаларды иштеп чыгуу, аны практикалоо эң негизги маселерден болуп чыга келүүдө. Анткени, илим менен техниканын өсүшү, дүйнөлүк компьютерлештирүү, коомдун экономикалык мүнөзүнүн өзгөрүшү ар кандай

ситуацияларда кандай маселе болбосун чыгармачылык менен чечип, өз ишкердүүлүгүн көрсөтө алган чыгармачыл жаш муундарды тарбиялап чыгарууну талап кылып отурат.

## АДАБИЯТТАР


1. Апыш Б. Жалпы дидактиканын негиздери: окуу китеби. – Бишкек, 2002. – 34 - б.
2. Алексеева М. А. Преподавание литературы: образовательные технологии. Учеб. - метод. пособие. - Екатеринбург: Изд-во Урал. университета, 2014. - 100 с.
3. Байгазиев С. Окутуунун интерактивдик методу. – Бишкек, 2004. – 25 б.
4. Богданова О. Ю., Леонов С.А., Чертов В.Ф. Теория и методика обучения литературе. Учебник для студентов пед. вузов. - М.: Издательский центр «Академия», 2004. - 400 с.
5. Бекбоев И. Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. – Бишкек: Педагогика, 2015. – 15 б.
6. Бекбоев И. Б., Алимбеков А. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы. – Бишкек: Бийиктик, 2001. – 28 б. 7
7. БабанскийЮ.К. Проблемы повышения эффективности педагогических исследований: Дидактический аспект [Текст] / Ю.К.Бабанский. – М.: Педагогика, 1982. – 192 с.
8. Мамбетакунов, Э. Педагогиканын негиздери [Текст] / Э.Мамбетакунов, Т.Сияев. – Бишкек: Айат, 2008. – 304 б.
9. Маслова Н.Г. Использование современных педагогических технологий в преподавании русского языка и литературы (статья) (Интернет булактан).

## ПЕДАГОГИЧЕСКОЕ ОБРАЗОВАНИЕ

УДК: 37/1171

# АДАБИЙ ЖОМОК АРКЫЛУУ ОКУУЧУЛАРДЫН АДЕП-АХЛАГЫН ӨСТҮРҮҮ

Үкүева Бушарипа Кожояровна, профессор,
Абдрашитова Мунаргул, магистрант,
Ош мамлекеттик университети

**Аннотация.** Аталган макалада адабий жомокторду окутууда окуучулардын адеп-ахлагын калыптандырууда окуяны элестетүү адамдын жүрүм-турумунда жана сылыктыгында тарбиянын мааниси зор. Ошондуктан, адабий жомокторду окуу аркылуу балдар көп нерсени ала алышат. Биринчиден, аларда көркөмдүк сезими калыптанат, боорукердүү, адилеттүү жана кубаттоону үйрөнүшөт. Автордун көркөм дүйнөсүнө кирүүгө мүмкүндүк алышат, сөздүн сулуулугуна жетишет. Жыйынтыгында адабий жомоктор менен таанышуу аркылуу окуучулардын активдүүлүгү, кызыгуусу, жалпы маданияты жана эрудициясы өнүгүп, руханий – адеби калыптанууга жол ачылат. Мунун негизинде, башталгыч класстын окучуусунунун адабий жомоктор аркылуу руханий - адебин калыптануусунда адабияттын ролу чоң экендигин жөнүндө жазылган.

**Ачкыч сөздөр:** кыял, педагогика, руханий - адеп, жомок, ынтымак, көркөмдүк сезим, активдүүлүк, мүнөз, маалымат.

# ВОСПИТАНИЕ НРАВСТВЕННОСТИ УЧАЩИХСЯ С ПОМОЩЬЮ ЛИТЕРАТУРНОГО РАССКАЗА

Үкүева Бушарипа Кожояровна, профессор,
Абдрашитова Мунаргул, магистрант,
Ошский государственный университет

**Аннотация.** В данной статье показано, что в формировании нравственности учащихся при обучении литературным сказкам значение воспитания в поведении и вежливости человека имеет воображение рассказа. Ведь нравственность - это способность человека приобретать благородные человеческие качества в результате нравственного воспитания, приобретать на его основе воспитание, культуру поведения, добросовестность, образованность, прощение,гармонию. Потому что, как известно, когда учащиеся приобретают такие свойства через литературные сказки , акцент делается на положительных и отрицательных сновидениях, через которые делается акцент на воспитательном влиянии, а не только на отдельную сторону личности, мимика оказывает на нее полное влияние. Поэтому, читая литературные сказки, дети могут многого добиться. Во-первых, у них развивается чувство артистизма, они учатся быть добрыми, справедливыми и

ободряющими. Они позволяют автору войти в мир искусства, достичь красоты слова. В результате через знакомство с литературными сказками развивается активность, любопытство, общая культура и эрудиция учащихся, открывается путь к духовно – литературному становлению. На этом основании написано о большой роли литературы в формировании духовно - нравственной культуры учащихся начальных классов через литературные сказки.

**Ключевые слова**: воображение, педагогика, духовная мораль, сказка, гармония, художественное чутье, активность, характер, информация.

Учурдун заман талабына ылайык социалдык - экономикалык кайра түзүүлөр менен катар билим берүү системасында жалпы адамзаттык баалуулуктарга умтулуу агымы жүрүп келүүдө. Өлкөдө демократиялык бийлик орноо аркылуу эне тилибизге, адабиятыбызга, маданиятыбызга, каада – салтыбызга, элибиздин байыркы тарыхына кызыгуулар артып, бир топ изденүүлөрдү талап кылып келет. Мына ошондой шартта зет муундарды окутууда, тарбиялоодо адеп- ахлагын калыптандыруу жолдорун издеп, аны өнүктүрүү көйгөйү илимий билимдин философия, педагогика, психология, лингвистика ж. б. тармактарынын өкүлдөрүнүн көнүлүн өзүнө буруп келүүдө (Абдибалиев Э. Б:- 2023. 13-б.).В. А. Сухомлинский айткандай: "Адеп-ахлактык тарбияга жетекчилик кылуу-бул мектеп турмушунун ар бир тарбиялануучусу бирөөгө кам көрөт, бирөөгө кайгырат жана тынчсызданат, бирөөгө жүрөгүн берет деген адеп-ахлактык тонун түзүү дегенди билдирет". Андыктан, өткөн жылдардагы баалуулуктар башка руханий шилтемелер менен алмаштырылды: жакшылык, чындык жана сулуулук акырындык менен жашоонун четине жылдырылды. Өлкөдө болуп жаткан саясий жана социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр адамдардын жашоосунун жана ишмердигинин бардык жактарына олуттуу таасирин тийгизди, бул жаш муундардын баалуулуктар багытынын өзгөрүшүнө, мурда болгон ишенимдердин жана көз караштардын деформацияланышына, "милдет", "Ар-Намыс", "абийир", "рухуният", "мекенчилдик"түшүнүктөрүнүн бүдөмүктөшүнө алып келди. Түзүлгөн кырдаалда бир жолку жана локалдуу чаралар натыйжалуу эмес. Мектеп окуучуларын жомоктор аркылуу окутууда руханий-адеп-ахлактык тарбиялоону уюштуруунун комплексттүү, системалуу ыкмасы жана программалык формасын түзүү негизги милдет катары аныкталууда. Бул учурдагы коомдун жаңы көйгөйлөрдү коё билген, белгисиздик, тандоо көп болгон абалда сапаттуу чечимдерди таба алган, ар дайым коомдун ээ болгон билимин жакшыртуучу активдүү инсандарга болгон муктаждыгынын өсүшүнө байланыштуу экендигин азыркы мезгилде окуучулардын чыгармачылык зээндүлүгүн өнүктүрүү, жашоонун билимге койгон негизги суроо-талаптарынын бири болуп саналып калгандыгы белгилүү.  Анткени, балдар адабиятына кылдаттык менен маани берип, ал-улуттун байлыгы экенине патриоттук сезим менен баа берип келгендиги маалым.

Окумуштуулардын айтуусу боюнча балдар адабияты аркылуу улуттун келечегинин пай дубалы курулуп, жаш муундун руханий – адеби калыптанарын баса белгилеп өткөн. Тээ эзелтеден ата – бабаларыбыз балага айтып, жомоктор аркылуу алардын адеп – ахлагы тазарып, дүйнө таламы өзгөрүп, дүйнөнү кабыл алуусун өнүгүп, эс тутумун түптөп, тилин чыгарып, сөзүн байытып, үйнө таанымын кеңейтип, табышмак катып, акылын туптөп, эске тутуусун бекемдеп, ой жүгүртүүсүн, кыял чабыттарын ар тараптан өнүктүрүүгө аракет кылып келишкендигин баса белгилеп өткөн. (Айзенк, Г. Ю. М:. – 1995. – №2.  97-101 -б)

Мындагы айрыкча **"китеп менен азыктанган"** курагында бала китептеги насаат сөздөрдү, элдик акылды, үлгү образдарды китеп аркылуу кабыл алып, жүрүм - турум адбеине, табиятты кастарлоо адебине ж. .б үйрөнөрүн баса белгилеп өткөн. Анткени, бала ата - энеге караганда мугалимдин айткандарын көбүрөөк угат, себеби,  мугалимди сыйлап-урматтайт, мугалим эч качан жаңылбаган, бирден – бир акыйкатты туура айткан адам катары элестетери чындык. Ошондуктан, баланы китепке кызыктуунун эки жолун алып кароого болот.

Биринчиси, **бала менен биргеликте окуу,** экинчиси **өз алдынча окуу** процессин жөнгө салуу зарылдыгы келип чыгууда. Баланы биргелешип окуу ишмердүүлүгүн жөнгө салууда мугалим менен биргеликте, ал эми үйдө ата- энеси менен үйдө биргеликте окуу зарылдыгы келип чыгууда. Бул процессте бала окуу ишмердиги калыптанат да, өз алдынча окууга өбөлгө түзүлөт.

**Колдонулган методдор:**

Баштапкы билим берүүдө адабий жомок аркылуу окуучулардын адеп- ахлагын калыптандырууда эн алгач китеп окуу жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн төмөндөгүдөй формаларын калыптандыруу зарылдыгын белгилейбиз:

- Ээрчишип окуу
- Укканын окуу
- Таржымалап окуу
- Даярданып окуу
- Кубалашып окуу
- Бөлүктөргө бөлүп окуу
- Улантып окуу
- Үзүп окуу (Малькова Л.А. М.:ГАПОУ МОК им. В. Талалихина, 2104. – 26 б)

**Талкуу жана жыйынтык**

Жалпы билим берүү мекемелеринде таалим – тарбия иштерин улуттук маданий жана адабий баалуулуктар менен жалпы адамзаттык баалуулуктарды айкалыштыруу менен жүгүзүү талабына артыкчылыктуу маани берилип келет. Анткени, буга чейинки окуу программаларында окуучулардын адабий чыгармачылыгына анча маани берилбеген, окуу

деген терминдин баштапкы мааниси менен гана чектелип калган учурлар кездешет. Андыктан адабияттын баштапкы баскычы болгон **адабий окуу** сабактарында «элдик оозеки чыгармаларды, анын ичинен жомокторду окутуу – башка жанрдагы чыгармаларга салыштырганда өзүнүн тексттик түзүлүшү, жөнөкөйлүгү, күчтүү тарбиялык мааниси жана кызыктуулугу менен айырмаланат. Башталгыч класстарда берилген легендалардын, жомоктордун, мифтердин бардыгы сабакта баланын аң-сезимине күчтүү таасирин тийгизип, этикалык, эстетикалык табит тартуулоо аркылуу окуучулардын адеп- ахлагын өстүрүүгө болорун баса белгилеп отүү абзел. Себеби, 1-класстан 4-класска чейинки адабий окууга киргизилген жомокторду бала окуп, түшүнүп жана өз алдынча ой жүгүртүү менен анализдей алат. Педагог А. Т. Маматумаров элдик оозеки чыгармачылыктагы жомок жанрынын таасири аркылуу балдардын адебин калыптандырууда мындайча оюн билдирген: ―Демек, элдик оозеки чыгармалардын ичинен жомокторду окутуу өзүнүн таанып билүүчүлүк, эстетикалык ырахат ыйгаруучулук касиети менен өзүнүн актуалдуулугун жана жемиштүүлүгүн, адеп – ахлак маселелсин тастыктоодо. (Поташник М.М., Левит М.В. М.: 2015. 320-б). Туура белгиленгендей, жомок жанры ар бир наристенин үй-бүлөдө, бала бакчаларда, мектепте этнопедагогикалык, тарбия берүүнүн негизги каражаттарынын бири болуп кызмат кылып, алардын табигый өсүү генезиси аркылуу балдардын көркөм ой жүгүртүүсүнүн өсүшүн байкоого, адеп- ахлагы калыптанууга жөндөмдүүлүк касиети жогорулагандыгын аңдоого болот. Анткени, башталгыч класстын программаларына киргизилген ―Акылдуу дыйкан‖, ―Алтын куш‖, ―Жалкоо бала‖, ―Ырыс алды ынтымак‖, ―Айлакер бала‖, ―Акылман вазир‖, ―Кенже бала‖, ―Сыйкырдуу сака‖, ―Жоомарттык‖, ―Амалдуу кедей‖, Койчу менен кара дөө‖, ―Жээренченин баласы‖, ―Эки бир тууган‖,―Акылман сынчы‖ сыяктуу жомоктор башталгыч класстын окуучуларынын ойлоосуна, жашоо тиричилигине, кулк-мүнөзүнө, адеп – ахлагына, психологиялык өзгөрүүсүнө таасирин бербей койбойт. Тетирсинче, дидактикалык материалдар кызыктуу жана арбын болгону менен аны башталгыч класстын окуучуларынын ан-сезимине жеткирүү үчүн педагогдун окутуу, башкаруу компетенттүүлүгү чабал болсо, анда окутуунун принциптери солгундашы мүмкүн. Мындагы негизги маселе-жомок элди психологиялык жана педагогикалык жактан гана тарбиялабастан, лексикалык кору байлыгы, балдарга акылмандуу тарбиясы менен баалуу деген негиздүү пикирин билдирген. (Рысбаев С. Б:- 2016 16-18- бб).

Жомокту башталгыч класстардын окуучуларына окутууда алардын адеп - ахлагын калыптандырууда текст менен иштөө талап кылынат.

I этап. Окуудан мурун текст менен иштөө.

II этап. Окуп жатканда текст менен иштөө.

III этап. Окугандан кийин текст менен иштөө колдонулат.

IV этапта каармандарга талдоо жүргүзүү.

V этап Идеялык талдоо жүргүзүү б.а.

Жомок менен иштөө ыкмалары 1. Баатырларга мүнөздөмө берүү. 2. Жомокту айтуу. 3. Жомокторду салыштыруу.

Андыктан адабияттын баштапкы баскычы болгон **адабий окуу** сабактарында «элдик оозеки чыгармаларды, анын ичинен жомокторду окутуу – башка жанрдагы чыгармаларга салыштырганда өзүнүн тексттик түзүлүгү, жөнөкөйлүгү, күчүнүн тарбиялык мааниси жана кызыктуулугу менен айырмаланат. Башталгыч класстарда берилген легендалардын, жомоктордун, мифтердин бардыгы сабакта баланын аң-сезимине кҥчтҥҥ таасирин тийгизип, этикалык, эстетикалык табит тартуулоо аркылуу окуучулардын адеп- ахлагын өстүрүүгө болорун баса белгилеп отүү абзел. Себеби, 1-класстан 4-класска чейинки адабий окууга киргизилген жомокторду бала окуп, түшүнүп жана өз алдынча ой жҥгҥртҥҥ менен анализдей алат. Педагог А.Т. Маматумаров элдик оозеки чыгармачылыктагы жомок жанрынын таасири аркылуу балдардын адебин калыптандырууда мындайча оюн билдирген: ―Демек, элдик оозеки чыгармалардын ичинен жомокторду окутуу өзүнүн таанып билүүчүлүк, эстетикалык ырахат ыйгаруучулук касиети менен өзүнүн актуалдуулугун жана жемиштүүлүгүн, адеп – ахлак маселесин тастыктоодо‖ [9.93]. Башталгыч класстын программаларына киргизилген ― Торгой акын‖, ― кумурскуа менен жалкоо ‖, ― Ырыскы ‖, ―Ырыс алды ынтымак‖, ― Чептен эрдин күчү бек ‖, ― Сиз кетирген жаңылыштыкты мен кайтала байын ‖, ―Амалдуу кедей‖, Койчу менен кара дөө‖, ―Эки бир пууган‖, сыяктуу жомоктор башталгыч класстын окуучуларынын ойлоосуна, жашоо тиричилигине, кулк-мҥнөзҥнө, адеп – ахлагына, психологиялык өзгөрүүсүнө таасирин бербей койбойт. Тетирсинче, дидактикалык материалдар кызыктуу жана арбын болгону менен аны башталгыч класстын окуучуларынын ан-сезимине жеткирҥҥ ҥчҥн педагогдун окутуу, башкаруу компетенттҥҥлҥгҥ чабал болсо, анда окутуунун принциптери солгундашы мүмкүн.

Адабий жомокторду окутууда окуучулардын руханий – адебин калыптандырууда окуяны элестетүү адамдын жүрүм-турумунда жана сылыктыгында тарбиянын мааниси зор. Анткени, жогоруда белгилеп айтылгандай, адеп- -бул адамдын кулк- мүнөзүн, иш – аракетинин эреже – этикасы калыптануу функциясын ээлеп, адеп- тарбиянын натыйжасында адамдык асыл сапаттарга ээ болуп, анын негизинде төмөндөгүдөй натыйжага жетүүгө болот деп тыянак чыгарууга басым жасалды:

- -тарбия алуу;
- -жүрүм- турум маданияты;

- -ак ниеттүүлүк касиети;
- -билимдүүлүк;
- -кечиримдүүлүк;
- -ынтамакта болуу

Белгилүү болгондой, окуучулар адабий жомоктор аркылуу мындай касиеттерге ээ болууда оң жана терс кыялдарына басым коюлуп, ал аркылуу тарбиялык таасир берүүчү басым коюлуп, сөз , мимика инсандын өзүнчө бир тарабына гана эмес, ага толук таасир берет. З. Н. Романовская: «Бир да башка тармак көркөм адабияттай адамдын ички дүйнөсүн мынчалык ачык жана образдуу ачып бере албайт», – деп белгилейт ( Эльконин . – М.: Просвещение, 1973. – 288-б)    Ошондуктан, адабий жомокторду окуу аркылуу балдар көп нерсени ала алышат. Биринчиден, аларда көркөмдүк сезими калыптанат, боорукердүү, адилеттүү жана кубаттоону үйрөнүшөт. Автордун көркөм дүйнөсүнө кирүүгө мүмкүндүк алышат, сөздүн сулуулугуна жетишет. Убакыт өткөн сайын башталгыч класс окуучуларында адабий чыгармаларга артыкча мамиле, поэзиялык сезим пайда болот . (Койнова - Цельнер Ю. В. Б:, 2014. 17-б)    Адабий окуу эстетикалык ыракатка ээ болууга түрткү берет, демек, башталгыч класстын окуучусун сезим менен тарбиялайт деп көптөгөн окумуштуулар белгилешет.    Ошондуктан, адабий окуу китептерин окутууда жогорудагы айтылган китеп дүйнөсүнө көбүрөөк аралаштырсак окуучулардын окуу техникасы, кабыл алуу жөндөмү, чыгармачылык дарамети жогорулап, адабий жомоктор аркылуу өзүн тарбиялап, руханий – адебин байытып, коомдогу өз ордун табууга жана калыптандырууга мүмкүнчүлүктөр түзүлүшүн шарттайт.

**Корутунду.** Жыйынтыктап айтканда, жомоктун даанышмандыгы жана баалуулугу анын эң негизги жалпы адамзаттык баалуулуктардын маанисин жана жалпы жашоонун маанисин чагылдырып, ачып, тажрыйбалуу болуусу менен байланышат. Күнүмдүк жана турмуштук мааниси жагынан алганда ал терең жана түгөнгүс руханий байлык болуп саналат. Жомоктун оюн менен тыгыз байланыштуу экендигине өзгөчө көңүл бурууга туура келет, анткени, жомоктогу образдар балдардын элестетүү функциясын активдештирүүгө жардам берип, балдардын кайра жаратуу жана чыгармачылык ойлоосун активдештирет. Анткени, балдардын элестетүү сезимдери бардык психикалык функциялар менен тыгыз байланышта болгондуктан, кабыл алуу, көңүл буруу, эс тутум, сүйлөө, ой жүгүртүү сыяктуу психологиялык өзгөчөлүктөрү алардын жалпы инсандык касиетинин калыптанышына чоң таасирин тийгизет. Тилекке каршы, кыргыз элдик жомокторуна мүнөздүү болгон бул чыгармачыл потенциал көп учурда адабий окуу сабактарында ачыла бербейт, анткени жомокторду изилдөө көпчүлүк учурда каармандардын образдарын талдоо жана жомоктун сюжеттик линиясын аныктоо боюнча болгондуктан болсо керек. Көбүнчө балдарга жомок

эмнеден тургандыгын, анын кандайча «калыптангандыгын» көрсөтүү, каармандар, окуялар тутуму жана алардагы жомоктук каармандардын ролу, визуалдык каражаттардын байлыгы жөнүндө түшүнүк берүү маанилүү. Кызыктуу фантазиялык сюжеттин, ар кандай каармандардын артында балага элдик жомоктогу эң негизги - маанинин ийкемдүүлүгүн жана кылдаттыгын, түстөрдүн ачыктыгын жана тазалыгын, элдик оозеки чыгармалардын баалуулугун көрүүгө жардам берүү аркылуу алардын адеп – ахлагын калыптандырууга өбөлгө болот.

## АДАБИЯТТАР


1. Абдибалиев Э. Адабий жомокторду окутуунун методикасы Б:- 2023. 13-бет
2. Айзенк, Г. Ю. Интеллект: новый взгляд [Текст] /Г.Ю. Айзенк //Вопросы психологии. – 1995. – №2. – С. 97-101.
3. Алимбеков, А. Азыркы сабак жана аны өткөрүүнүн технологиясы [Текст] / А. Алимбеков, И. Бекбоев. – Бишкек, 2011. – 191 б.
4. Возрастная и педагогическая психология [Текст] / Под ред. А. В. Петровского. – М.: Просвещение, 1973. – 288 с.
5. Возрастные и индивидуальные особенности младших школьников [Текст] / Под ред. Возрастная и педагогическая психология [Текст] / Под ред. А. В. Петровского. – М.: Просвещение, 1973. – 288 с с.
6. Койнова - Цельнер Ю. В. Башталгыч мектепте активдүү окутуунун педагогикалык технологиялары Б:, 2014.
7. Малькова Л.А. Что такое методическая разработка и требования, предъявляемые к ней. – М.:ГАПОУ МОК им. В. Талалихина, 2104. – 26 с
8. Методическое пособие по созданию современного урока по ФГОС. Режим доступа: https://docviewer.yandex.ru
9. Нестеренко А. Методическая разработка: проще, чем кажется. Режим доступа: https://gazeta-licey.ru
10. Рысбаев С. Баланын китеп окуусун уюштуруу технологиясы. Б:- 2016 16-18-беттер.
11. Поташник М.М., Левит М.В. Как помочь учителю в освоение ФГОС. М.: Педагогическое общество России, 2015. – 320 с.
12. Поташник М.М., Левит М.В. Освоение ФГОС: методические материалы для учителя. – М.: Педагогическое общество России, 2016. – 208 с.
13. Сафонова Л.Ю. Методы интерактивного обучения. Режим доступа: https://docviewer.yandex.ru

## ПЕДАГОГИЧЕСКОЕ ОБРАЗОВАНИЕ

УДК: 37/1171

# МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНЫН АДАБИЙ ОКУУГА КЫЗЫГУУСУНУН ИЗИЛДӨӨНҮН ЖЫЙЫНТЫГЫ

Үкүева Бушарипа Кожояровна, профессор,
Абдурахманова Гулбахор Кобилжоновна, магистрант,
Ош мамлекеттик университети

**Аннотация.**Макалада заманбап кыргыз коомунун шарттарында окууга мотивация кылуучу жаңыча мамилени калыптандыруу максатында мектеп окуучуларынын окуусунун негизги аспектилери талкууланат. Изилдөөнүн объектиси 5-класстан 11-класска чейинки окуучулардын окуу маданияты жана окууга мотивациясы болгон. Негизги изилдөө ыкмалары изилдөө жана алынган натыйжаларды талдоо болгон

Изилдөөнүн натыйжаларын талдоо төмөндөгүлөрдү аныктоого мүмкүндүк берди: окуу жаш муун үчүн маанилүү жана актуалдуу бойдон калуусу. Ошону менен бирге окууга мотивацияны калыптандыруу процесстерин изилдөөнүн контекстинде чоң мааниге ээ болгон бир катар маанилүү тенденцияларды белгилей кетүүнүн зарылдыгы. Аныкталган тенденциялардын арасында: окуунун жыштыгынын жана узактыгынын өзгөрүшү, окуунун адабий окууга жанрдык артыкчылыктар, респонденттердин чыгармаларды кыска же ылайыкташтырылган варианттарда изилдөө тенденциясы, класстан тышкаркы окуунун мектеп окуучуларынын субъективдүү кызыгуусун жараткан чыгармалар менен чектелиши.

Изилдөөнүн негизги көйгөйлөрүнүн бири респонденттердин чын ыкластуулугу жөнүндө суроо болду. Изилдөөнүн натыйжалары мектеп окуучуларынын окууга болгон ички мотивациясын калыптандырууда адабий билим берүү процессинде колдонулушу натыйжаланды. Кошумчалоочу жагдай, берилген изилдөө модели азыркы жана модификацияланган түрдө да, конкреттүү билим берүү шарттарында окуу чөйрөсүн түзүү үчүн кеңири колдонулушу мүмкүндүгү.

**Ачкыч сөздөр:**окуу, суроо, методика, билим берүү, адабият таануу, адабий окуу, окуу чөйрөсү, окуу көндүмдөрү, окууга мотивация, мамлекеттик стандарт, окуу компетенциялары

.

# РЕЗУЛЬТАТЫ ИССЛЕДОВАНИЯ ИНТЕРЕСА ШКОЛЬНИКОВ К ЛИТЕРАТУРНОМУ ЧТЕНИЮ

Укуева Бушарипа Кожояровна, профессор,
Абдурахманова Гульбахор Кобилджоновна, магистрант,
Ошский государственный университет

**Аннотация:** В данной статье рассматриваются основные аспекты обучения школьников с целью формирования нового отношения в области мотивации к учебе и к чтению в условиях современного кыргызского общества. Основными объектами исследования стала культура чтения и мотивация к учебе учащихся школ 6-11 классов. Методами исследования были опрос и анализ полученных результатов.

Анализ данных результатов исследования позволил определить следующее: чтение на сегодня, остается важным и актуальным для подрастающего поколения.

При этом необходимо отметить ряд важных тенденций, имеющих большое значение в контексте изучения процессов формирования мотивации к чтению. Ограничение произведениями, вызывающими субъективный интерес учащихся.

Главной проблемой исследования стал важный вопрос об искренности респондентов. Итоги исследования могут быть использованы в процессе обучения литературному чтению при формировании внутренней мотивации школьников к учебе. Кроме того, представленная модель исследования может быть использована для создания среды обучения в конкретных образовательных условиях, как в ее текущем, так и в модифицированном виде.

**Ключевые слова:** чтение, анкетирование, методика, образование, литературоведение, литературоведение, учебная среда, учебные навыки, мотивация к учебе, государственный стандарт, учебные компетенции.

Кыргыз билим берүүсү үчүн 21 кылымдын башы бир катар терс процесстер менен мүнөздөлөт, айрыкча, бир катар изилдөөчүлөр, педагогдор, коомдук массалык маалымат каражаттары жана медиа-ресурстар жаш муундардын китеп окууга болгон кызыгуусунун төмөндөшүн туруктуу түрдө белгилешүүдө.

Санариптик инфраструктуранын өнүгүшүнүн жана маалыматка дээрлик чексиз жетүүнүн фонунда окуучулардын мектеп программасындагы адабиятты жана классикалык көркөм чыгармаларды окууга болгон мотивациясынын төмөндөшү байкалуу менен балдардын жана өспүрүмдөрдүн китеп аркылуу маалыматты өздөштүрүүсүнө болгон мамилеси түп тамырынан бери өзгөрдү.-Андыктан, мектеп окуучулары эмнени, кантип жана эмне үчүн окуй тургандыктарын тактоо зарыл маселе экендиги талашсыз чындык катары алдынкы планга чыкты.

Окуучуда окуу көндүмдөрүн жана компетенцияларын калыптандыруу үчүн мектепте «окуу чөйрөсүн» - методикалык шарттардын системасын түзүү зарыл экенин белгилей кетүү зарыл, ал эң оболу окууга негизделип, мотивациялоочу практикалардын жыйындысы, окуучу окурмандардын прогрессине мониторинг жүргүзүү механизмдери жана окуучулардын ийгилигине мониторинг жүргүзүү зарылдыгы жаралды.

**Колдонулган метод: Эмприкалык формада**

**Талкуу .Натыйжа.**

Мектеп окуучуларынын адабий окууга болгон кызыгуусун тактоо экспериментинин этабында изилдөө инструменти болуп 19 окуу жайдын базасында Ош облусунун мектептеринин арасында жүргүзүлгөн онлайн сурамжылоо болду.

Иликтөөнүн максаты мектеп окуучуларынын адабий окууга болгон муктаждыгын, алардын окууга болгон мотивациясын, кызыгуусун жана окуу сабаттуулугунун деңгээлин аныктоо болгон. Онлайн сурамжылоого жалпысынан 239 адам катышкан.

Анкета респонденттердин демографиялык курамы: алардын жашы, класстык деңгээли жана жынысы жөнүндө түшүнүк берүүчү суроолордон башталат. Мына ушул суроолордун аркасында тандап талдоо билим берүүнүн тигил же бул баскычында окуу маданиятынын калыптануу даражасы жөнүндө маалыматтарды алууга мүмкүндүк берет.

Респонденттердин жаш аралыгы 12 жаштан 18 жашка чейин, башкача айтканда, булар 5-11-класстын окуучулары, жана 107 кыздар, ал эми 118 эркек балдар.

Изилдөөнүн географиясы да талдоо үчүн маанилүү болуп калат. 19 билим берүү мекемесинин 7си облустун борборунан тышкары жайгашкан. Биз айылдык мектеп окуучуларынын китеп окууга кызыгуу деңгээлинин бир аз, бирок коркунучтуу төмөндөшүн (9%га) белгиледик.

Негизги суроо: «Сиз окуганды жакшы көрөсүзбү?» – респонденттердин жалпысынан окууга болгон мамилесин аныктоого мүмкүндүк берет. Келечекте бул маалыматтар белгилүү бир курактагы балдардын адабий окууну каалоолорунун негизинде окуу чөйрөсүн натыйжалуураак ойлонууга жана уюштурууга мүмкүндүк берет. Бул суроого жооптор төмөнкүчө бөлүштүрүлдү: 165 (67,1%) респондент “Ооба” деп жооп берсе, 60 (32,9%) респондент “Жок” деп жооп беришкен. Мындан тышкары, жаш курактык корреляция аныкталды: окууну «сүйүү» боюнча лидерлер 15 жаштан 18 жашка чейинки (9-11-класстар) жогорку класстын окуучулары болгон. Кызыгы, 9-класстын окуучулары да антирейтингде лидер болушкан – «Сиз окуганды жакшы көрөсүзбү?» деген суроого «жок» деп жооп бергендердин саны боюнча. Бул үлгү дагы бир жолу тастыктап турат, жогорку класстын окуучулары эң аң-сезимдүү курак тобунун өкүлдөрү катары окууга өз демилгеси менен көбүрөөк тартылышат, башкача айтканда, бул учурда ички мотивация пайда болгондугун белгилейт. Ошол эле учурда орто мектеп окуучуларынын басымдуу бөлүгү окууга мотивациянын төмөн зонасында калышат. Мисалы, психологиялык жана жаш өзгөчөлүгү боюнча да, окуу-тарбия процессиндеги орду боюнча да өткөөл этап болгон 9-класс адабият мугалиминен эң кылдат көңүл бурууну жана түйшүктүү эмгекти талап кылат. [1:183]

-«Сиз канчалык көп окуйсуз?» – деген суроо, окуучулардын адабий окууну пайдалануу жыштыгын аныктоого багытталган. Бул маселе боюнча изилдөөнүн жыйынтыгы төмөнкүдөй бөлүштүрүлдү: көбүнчө жумасына бир жолу 106 мектеп окуучусу (29,3%) окушат; 68 респондент (28,9%) жумасына 2-3 жолу 161ите покуса, 38 респондент (27,7%) жумасына бир жолудан аз китеп окуйт, акырында 27 гана окуучу (14,2%) күн сайын китеп окуйт. (Айдарова Ж. М. Б. 2021. -183 б) Албетте, мектеп окуучуларынын окуусунун мындай гетерогендүү сүрөтүнүн себептерин табуу зарыл.

Ал эми, кийинки, суроого жоопторду талдап бул маселени чечүүгө жардам берет: “Эгер шашпасаңыз, канча убакыт окуйсуз?” Бул окуучулардын окуу маданиятынын өзгөчөлүктөрүн, алардын кунт коюп окуп, чыдамкайлыгын ачып берет. Суроого болгон

жооптор төмөнкүчө бөлүштүрүлдү: басымдуу саны – 83 респондент – бир күндө бир жарым саат китеп окууга туруштук бере алат; 72 окуучу (20,4%) жарым сааттан ашык эмес окушат; 58 респондент (19,6%) китеп менен 2-3 саат өткөрөт, ал эми 26 респондент (13,2%) гана китепти бир нече саат бою токтото албайт. Бул үлгүдөгү талдоолордун жыйынтыгында эч кандай шек туудурбаган коркунучтуу тенденция аныкталды: жаштар китеп окууга өтө аз убакыт бөлүшөт. Респонденттердин көп саны (20,4%) жарым сааттан ашык окуй албасын моюнга алышат – бул окуучулардын окуу процессинен толук ажыратылганын жана иш-аракеттин бул түрүнө мотивациянын жоктугун көрсөтүп турат, мындай аныктамадан, окууга туруктуу кызыгууну түзүү үчүн педагогтордун астында атайын тажрыйбаларды иштеп чыгуу милдети жаралгандыгын белгилеш керек.
Изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча, бул көйгөйдүн себептери төмөнкүдөй:
- окуу маданиятынын жана окууга ички туруктуу мотивациянын жоктугу.
- окууда жана класстан тышкаркы иштердин көлөмүнөн келип чыккан убакыттын жетишсиздиги. Экөөнүн тең себебин балдардын өздөрү да ырастайт, алар анкета баракчаларына бир нече жолу эскертүүлөрдү калтырып, сурамжылоодон чыгып, өз тажрыйбалары жана көз караштары менен кененирээк бөлүшкүсү келет. Мисалы, 11-класстын окуучусу (*Тентимишев Чынгыз*): “Мен көбүрөөк окугум келет, бирок экзамендерге байланыштуу убактым жок”- деп жазып кеткен. Ал эми экинчи себеп таза объективдүү болсо жана окуучулардан аз көз каранды, анда биринчиси мугалимден өзгөчө көңүл бурууну талап кылат. Окумуштуу И. Б. Бекбоев белгилегендей мындай кырдаалда окуучулардын прогрессине байкоо жүргүзүүгө мүмкүндүк берүүчү окуу чөйрөсүн уюштуруу өзгөчө роль ойнойт. (Бекбоев И.Б.– Бишкек: Педагогика века, 2004. – 384 б)

“Сиз аудиокитептерди укканды жакшы көрөсүзбү?” – деген суроо, негизинен угуу аркылуу кабыл алууга жакын респонденттердин потенциалдуу көлөмүн аныктоого багытталган. Алынган маалыматтарга караганда, пикирлер дээрлик бирдей бөлүндү. Бирок көпчүлүк – 125 респондент (54,7%) – аудио форматтагы көркөм чыгармаларды кабыл алууну жактырбайт. Ошол эле учурда 114 адам (45,3%) дайыма аудиокитептерди угуп, маалымат алуунун бул ыкмасын ылайыктуу деп баалашат. Бул маалыматтар белгилүү бир класстын же класстардын негизинде алда канча пайдалуу болорун белгилей кетүү керек.Мындай сурамжылоо жүргүзгөндөн кийин адабият мугалими окуу чөйрөсүнүн «Аудиокитеп китепканасы» сыяктуу элементин колдоно алат, ал маалыматтык каталогдордун заманбап принциптерине жооп берет: дайыма рейтинг жана жаңыртуу, класстын ТОП 10 сүйүктүү китептерин түзүү ( ушул эле принциптер окуу чөйрөсүнүн дагы бир негизги элементинин негизин түзөт, мисалы:“Класстык китепкана”).

“Сизге кайсы медиада окуу эң ыңгайлуу?” – деген суроону изилдөө респонденттердин кабылдоосу боюнча маалыматтарын кеңейтет, ошондой эле окуунун салыштырмалуу жаңы форматтары салттууларга караганда үстөмдүк кылаарын аныктоого мүмкүндүк берет. Бул жыйынтыктардын негизинде окуу чөйрөсүнүн басымдуу элементтерин аныктоого болот. Респонденттер төмөнкүдөй жооп беришти 119 адам (68,5%) эң ыңгайлуу деп кагаз алып жүрүүчүлөрдү тандашкан, 62 респондент (38,3%) окуу үчүн ыңгайлуу вариант катары

смартфонду белгилешкен, үчүнчү орунда электрондук китеп болгон. – аны 34 респондент (13,2%) тандады, акырында 24 окуучу (10,8%) компьютер экранынан окуу алар үчүн ыңгайлуу экенин белгилешти. Демек, окуучулар окуунун ар кандай формаларын тандашат, бул да окуу процессинде эске алынышы керек.

"Сүйүктүү китептеринди тизмектеп бер" – деген суроо мектеп окуучуларынын каалоолору жөнүндө алгачкы түшүнүктөрдү берет, алардын басымдуу жактарын көрсөтүүгө мүмкүндүк берет, окуу чөйрөсүнүн структурасына кирген "Класстык китепкананын" пайдубалын түзөт.

"Азыр кайсы китепти окуп жатасың?" – деген суроо өзүнүн жөнөкөйлүгү жана ошол эле учурда көп тапшырмалуулугу менен айырмаланат: биринчиден, сегизинчи суроонун негизинде алынган маалыматтарды толуктайт; экинчиден, балдардын мектеп программасына ылайыктуулугун аныктоого мүмкүндүк берет, эгер андай болбосо, алардын каалоолору сунушталган адабияттардан канчалык алыс экенин байкоого болот. Жыйынтыгында, бул суроо баланын жеке окуу деңгээлин жана анын мектептеги же класстан тышкаркы адабияттарга кызыгуусун аныктоого мүмкүндүк берет.

"Кандай жанрдагы китептерди жактырасыз?" – бул суроо изилдөөчүнүн суралгандардын каалоолору жөнүндө билимин кеңейтет, «Класстык китепканада» айрым китептердин бар экендигин ырастайт, класстан тышкаркы адабият сабагын даярдоодо мугалимдин мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет. Фантастика (53 окуучу), илимий фантастика (67 окуучу) жана детект ив (48 респондент) окуучулар арасында эң популярдуу фантастика жанрлары болгон. Ошондой эле популярдуу варианттардын арасында романтикалык чыгармалар (28 респондент), укмуштуу проза (21 жооп) жана «ужас» (22 адам) болгон. Бул алты жанрга артыкчылык берүү жаш окурмандын кызыгуусу, ошондой эле метафоралык түшүнүү аркылуу адеп-ахлак жана түшүнүктөрдү алуу муктаждыгы менен түшүндүрүлөт.

Фантастикалык чыгармалардын ичинен Ж.К.Роулингдин "Гарри Поттер" фильми лидер болуп саналат, аны 81 респондент белгилеген. Детектив жанрларынын ичинен Артур Конан Дойлдун "Шерлок Холмстун жоруктары" лидери болсо, "ужас" жанрлардын ичинен балдар көбүнчө Стивен Кингдин "Бул" жанрын тандашкан.

Кошумчалай кетсек, респонденттердин 36% бирден ашык китепти аныкташкан, бул окуу горизонтунун кенен экендигин айгинелейт, ал эми 44 респондент жанрдык артыкчылыктарды көрсөтүү менен такыр эле сүйүктүү китебин аныктай алган эмес

Фантазиянын популярдуулугу психологиялык факторлор менен түшүндүрүлөт: өспүрүм чыныгы жашоонун көйгөйлөрүн жана кыйынчылыктарын жаркыраткысы келет, ал ойдон чыгарылган дүйнөгө тартылат. Ошол эле учурда фантазия кызыктуу квест сюжетинен жана каармандардын образдарында көп учурда психологиялык татаалдыктын жана түшүнүксүздүктүн жоктугунан оңой кабыл алынат. Белгилеп кетсек, кыргыз классиктери, айрыкча Ч.Айтматовдун чыгармалары, учурда респондент окуп жаткан китептердин катарына көбүнчөсү кирчү. Ошентип, 90го жакын окуучу «Ак кемени» сүйүктүү чыгармасы катары тандап алышып, «Азыр кайсы китепти окуп жатасыңар?» деген суроого жоопторунда да көрсөтүшкөн. Көбүнчө, азыр балдар окуп жаткан китептер

сүйүктүү чыгармалардын катарына кирет, бул окууга болгон жеңил мамилени жана көз ирмемдик илхамга жакындыгын көрсөтүп турат.

«Сиз мектеп программасына ылайык китептерди кандай формада окуйсуз?». – деген суроого респонденттердин басымдуу бөлүгү, 134 адам (46,9%) китепти кыскартылган же ылайыкташтырылган вариантта окуганды; 61 окуучу (36,5%) мектеп программасындагы китептерди тексттин толук автордук презентациясында окушат; 44 адам (16,6%) чыгармалардын кыскача мазмунун гана окушат. Мындан, мугалимдин алдында чыгарманын толук текстин окууга мүмкүн болушунча көбүрөөк окуучуларды тартуу милдети тургандыгын байкоого болот. “Сиз мектеп программасына кошумча катары мугалим сунуштаган китептерди окуйсузбу?” – бул суроо мектеп окуучуларынын адабият мугалимине болгон ишеним деңгээлин аныктоого мүмкүндүк берет. Суроого жооп берүүдө респонденттердин пикирлери экиге бөлүндү: көпчүлүк – 95 окуучу (40,9%) – бул тизмеден өздөрүнө кызыктуу деп эсептелген китептерди гана окуйбуз деп жооп беришти; 52 респондент (28,5%) мугалимдин сунуштарына сейрек кайрылышат жана андан 1-2ден ашык эмес китепти тандашат; Мугалим сунуш кылган чыгармаларды 47 адам (15,4%) такыр окубайт, 29 мектеп окуучусу (8%) тизмедеги китептерди окушат, бирок андан ашык эмес, 16 гана окуучу (7,2%) бардык китептерди окушпайт.

**Кортунду.** Демек бул иш-аракетибиздин натыйжасы мектеп окуучуларында китеп окууга болгон сүйүүсүн тарбиялоодо мугалим, ата-энелер жана мектеп китепканасы алдыңкы орундарды ээлебей жаткандыгы бизди тынчсыздандырган факт болду. Бул терс тенденцияларды окуу чөйрөсү оңдоого багытталган, анын функцияларынын бири окуучулардын окууга туруктуу ички мотивациясын калыптандыруу процессинде дисциплиналар аралык жана субъекттер аралык кызматташтык болот. (Климова Е.П. // Обучение и воспитание: методика и практика. – № 7, 201-б.) Изилдөөнүн негизинде бир нече маанилүү тыянактарды чыгарууга болот:

Биринчиден, балдар окуганды жакшы көрүшөт, бирок алар муну өтө сейрек жасашат - жумасына бир жолу же андан азыраак. Окууга мүмкүнчүлүк болгондо да балдар 1-1,5 сааттан ашык китеп окуганга араң туруштук бергени кырдаалды курчутат. Мектеп окуучулары эң кеңири таралган жанрдагы популярдуу адабияттарды жактырышат: фантастика, детектив жана прозаны.

Экинчиден, окуу маданиятына жана окуу процессинде балдардын окууга болгон мотивациясынын деңгээлине келсек, тыянактар ого бетер кейиштүү. Респонденттердин 36,5%ы (182 адам) автордун текстин толук окуганды жактырса да, калгандары (басымдуу көпчүлүгү) мектеп окуучуларынын ыңгайлаштырылган варианттарында же кыскача форматта иштешет.

Үчүнчүдөн, жалпы эле интернеттин, өзгөчө социалдык тармактардын мааниси өсүп келе жаткан муундун жашоосундагы адабияттын ролуна чоң таасирин тийгизет. Алар жаңы маалыматтын негизги булагы гана болбостон, жаңы китептерди табуу жана окууга мотивация түзүү үчүн негизги механизмдердин бири болуп саналат.

Төртүнчүдөн, респонденттердин чын пейилинин көйгөйү аныкталган. Бардык анкеталарды талдоо окуучулардын болжол менен 6%ы өз жоопторунда чынчыл эмес деп айтууга мүмкүндүк берет («Сиз окуганды жакшы көрөсүзбү» деген суроого «ооба» деген тандоонун ортосундагы дал келбестик жана сүйүктүү китептеринин, сүйүктүү жанрларынын окуу, окууга болгон каалоо, ошондой эле жаңы чыгармаларды издөөгө кызыгуу) окуу убактысынын толук жоктугу.

## АДАБИЯТТАР


1. Айдарова Ж. М. Өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттар. Б. 2021. -183 б
2. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын териялык жана практикалык маселелери – Бишкек: Педагогика века, 2004. – 384 б
3. Климова Е.П. Формирование читательских интересов младших школьников через технологию осознанного чтения // Обучение и воспитание: методика и практика. – № 7, 201
4. Маранцман В.Г. Анализ литературного произведения в соотношении с читательским восприятием школьников: Автореф. дис.д-ра пед.наук [Текст] / В.Г.Маранцман. – М., 1980. – 47 с. 195
5. Рысбаев С. Баланын китеп окуусун уюштуруу технологиялары: Башталгыч класстардын мугалимдери жана ата-энелер үчүн методикалык колдонмо [Текст] / С.Рысбаев. – Б.: 2015. – 84 б.
6. Рысбаев С. Дилачар. 1-класс үчүн класстан тышкаркы окуу китеби [Текст] / С.Рысбаев. – Б.: «Билим куту», 2007. – 87-б.

## ПЕДАГОГИЧЕСКОЕ ОБРАЗОВАНИЕ

УДК: 37/1171

# АДАБИЙ ЖОМОКТОРДУ ОКУТУУДА КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТҮН ОРДУ

Укуева Бушарипа Кожояровна, профессор,
Арапбай кызы Кайыргүл, магистрант,
Ош мамлекеттик университети

**Аннотация:** Аталган макалада баштапкы билим берүү системасында дүйнөлөшүүнүн (глобализация) азыркы чалкеш заманында коомдун тазалануусунда, жаш муундардын руханий жактан өнүгүүсүндө адабий жомоктордун ролу өлчөөсүз чоң экендиги жөнүндө сөз болуп, учурда адабий билим берүүнүн ыймандык-этикалык жана маданий эстетикалык, этномаданий аспектилерин тереңдетүү талабы коюлууда. Андыктан адабий жомокторду окутуу процессинде компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун башкы өзгөчөлүктөрү жөнүндө чагылдырылат. Ошол жагдайлардан алып караганда учурда баштапкы билим берүү чөйрөсүндө адабий жомокторду окутуу процессинде окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүккө жетишүүсүндө окуучуларды адабий окууга кызыктыруу, тартуу, адабий жомокту окуганда эмоционалдуу кабыл алып, ал боюнча өз алдынча ой жүгүртүүсүнө, ак менен караны ажырата билүүсүнө, окурмандык кызыгууларына, китеп окуу маданиятына ээ болуу, чыгарманы турмуш менен, өзүнүн жеке жашоосу менен байланыштыра алуу, акыл эмгеги менен кара күч эмгегин айкалыштыруу өзгөчөлүктөрүн байкоого болот.

Андыктан, адабий жомокторду башталгыч класстарда окутууда компетенттүүлүккө негиздеп окутууну, бирдиктүү бир бүтүн системага салуу аракетинин жасалышында жана адабий жомоктордун текстин комментарийлеп көркөм окуу, жыйынтыктоо сабактарынын санариптешкен коомго ылайыктап интерактивдүү негизде иштелип чыгышында. Бул саамалык-аракетибиз адабий жомокторду окуп-үйрөнүү багытындагы компетенттүүлүктүн өзгөчө орду бар экендигин айгинелөөдө.

Натыйжада кенже курактагы окуучуларын адабий жомокторду окутуу аркылуу компетенттүү инсан кылып тарбиялоо, алардын өз алдынча иштөөсүнө, чыгармачылыгын арттырууга басым жасоо зарыл, айрыкча оюн ишмердүүлүгү аркылуу окутуу бир топ натыйжа берерин байкоого болот. Мындай көз караш менен алып караганда кенже курактагы окуучуларынын чыгармачыл активдүүлүгүн калыптандыруун жолдорун изилдеп кароодо ар кандай типтеги (дидактикалык максатта) жана ар түрдүү (негизги усул) сабактарда ишке ашырылат. Түр жагынан өзгөчө сабак катары натыйжалуу болуп: **саякат, диалог, экскурсия, эмоционалдык ичке кирүү, адабий каарман менен кездешүү** сыяктуу сабактар бир топ жакшы натыйжаларды бергендиги жөнүндө маалымат берилген.

**Ачкыч сөздөр:** педагогика, гуманист, жомок, сыйкыр, фантазия, тарбия, парз, эмоция, компетенттүүлүк, илим.

# МЕСТО КОМПЕТЕНТНОСТИ В ОБУЧЕНИИ ЛИТЕРАТУРНЫМ СКАЗКАМ

Укуева Бушарипа Кожояровна, профессор,
Арапбай кызы Кайыргүл, магистрант,
Ошский государственный университет

**Аннотация:** В данной статье говорится о неизмеримо большой роли литературных сказок в очищении общества, духовном развитии молодого поколения в современную эпоху глобализации (глобализации) в системе начального образования, в настоящее время выдвигается требование углубления нравственно-этических и культурно-эстетических, этнокультурных аспектов литературного образования. Поэтому в процессе обучения литературным сказкам отражаются основные особенности компетентностного обучения.

Исходя из этих обстоятельств, в настоящее время в сфере начального образования в процессе обучения литературным сказкам учащиеся приобретают компетентность в достижении заинтересованности и вовлеченности учащихся в литературное чтение, эмоциональное восприятие литературной сказки, самостоятельное мышление по ней, умение различать черное и белое, читательские интересы, культуру чтения, умение читать.поощрение достижений ( похвала, s создание позитива, поддержка, поощрение и т. д.), возможность связать произведение с жизнью, со своей личной жизнью, сочетание умственного труда и темного силового труда особенности можно наблюдать.

Поэтому при преподавании литературных сказок в начальных классах делается попытка систематизировать их на основе компетентности, в единое целое, и художественное чтение с комментированием текстов литературных сказок, разработка итоговых уроков на интерактивной основе в соответствии с оцифрованным обществом. Эти усилия внесли свой вклад в исследование того, что компетентность в чтении и изучении литературных сказок занимает особое место.

В результате необходимо воспитывать младших школьников компетентными личностями посредством обучения литературным сказкам, делать упор на их самостоятельную работу, повышать творческие способности, в частности, можно заметить, что обучение через игровую деятельность дает значительный эффект. С этой точки зрения изучение путей формирования творческой активности младших школьников осуществляется на уроках различного типа (дидактические цели) и разнообразных (основной метод). Было сообщено, что такие предметы, как путешествие, диалог, экскурсия, эмоциональное погружение, встреча с литературным персонажем, дали гораздо лучшие результаты, будучи особенно эффективными в качестве уроков с точки зрения вида.

**Ключевые слова:** педагогика, гуманист, сказка, магия, воображение, воспитание, долг, эмоции, компетентность, наука.

**Киришүү.** Кыргыз Республикасынын коомдук турмушундагы олуттуу өзгөрүүлөр, айрыкча билим берүү жаатында рухий деградацияга кабылышы, адабий окуу китептердин мурдагыдай кеңири чыгарылбай калышы, мезгил өткөн сайын заман талабына ылайык билим берүү тармагынын дүйнөлүк стандарттарга жакындашуусу, факторлор мектепте

окутулуучу адабий окуу сабагынын да мазмунун жана түзүлүшүн жаңыча иштеп чыгуу маселеси каралууда. Баштапкы билим берүү системасында дүйнөлөшүүнүн (глобализация) азыркы чалкеш заманында коомдун тазалануусунда, жаш муундардын руханий жактан өнүгүүсүндө адабий жомоктордун ролу өлчөөсүз чоң экендиги маалым. Ал эми ошол адабий жомокко окуучуларды кызыктыруунун, алардын окурмандык маданиятын калыптоонун бирден бир формасы – мектептеги адабий окуу предмети. Андыктан да өлкөнүн мектептеринде бул предметти окутууну жаңы шарттарга ылайык модернизациялоо учурдун эң актуалдуу талабы болуп саналат. «Адабий билим берүүнүн мазмунунун жана түзүлүшүнүн концепциясы» мурдагы концепциядан негизинен төмөнкүдөй жагдайлар менен өзгөчөлөнүп турат: 1. Адабий билим берүүнүн ыймандык-этикалык жана маданий эстетикалык, этномаданий аспектилерин тереңдетүү талабы коюлгандыгы. 2. Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүндө аларга оор жүк келтирүүчү чыгармаларды үйрөнүү үчүн ырааттуу курс түзүлүп, «чөп башылап» окутуу иши четке сүрүлөт, айрым материалдарды кайталоолордон арылтылгандыгы. 3. Компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун башкы өзгөчөлүктөрү чагылдырылгандыгы менен (Бараг Л. Г. МГУ, 1968. – 203-б.)

Бул жагдайлардан алып караганда учурда баштапкы билим берүү чөйрөсүндө адабий жомокторду окутуу процессинде окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүккө жетишүүсү үчүн төмөндөгүдөй аныктамаларды талап кылат:

- окуучуларды адабий окууга кызыктыруу жана тартуу;
- адабий жомокту окуганда эмоционалдуу кабыл алып, ал боюнча өз алдынча ой жүгүртүүсүнө, ак менен караны ажырата билүүсүнө, окурмандык кызыгууларына, китеп окуу маданиятына ээ болуу;
- окуудагы жетишкендиктерин сыйлоо ( мактоо, ң позитив түзүү, колдоо, кубаттоо ж.б.);
- окулган жомоктордун идеясын, темасын, негизги проблемаларын оозеки жана жазуу түрүндө айта алуу, каармандарга мүнөздөмө бере билүү; •чыгарманы турмуш менен, өзүнүн жеке жашоосу менен байланыштыра алуу;
- акыл эмгеги менен кара күч эмгегин айкалыштыруу ж.б.

Жогоруда айтылган маалыматтардан байкалгандай адабий жомокторду окутууда чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун азыркы учурдагы негизги багыттары катары методологиялык базаларга таянганда төмөнкүлөрдү эске алууга болот:

❖ адабий жомокторду окутуу процессинде окуучулардын ыймандык-этикалык, маданий-эстетикалык, этномаданий тарбия алышына багыттап окутуу;

❖ окуучулардын кеп маданиятын өстүрүүгө маани берүү;

❖ адабия окуу предмети аркылуу сөз өнөрү, искусство, эстетикалык баалуулук

түшүнүктөрүн баалай алуу;

адабий жомоктун мазмунунан баланын жеке турмушу, жашоосу менен байланыштыруу, баланын чыгармадан «өзүн көрө алышына» жетишүү ж.б. анткени, жомоктор балдардын акыл тарбиясын ( актык менен каралыкты салыштыра алуу; ар кандай көйгөйлордү оң жакка чечүү жолдоруна ишенүүнү; өз тандоосун табууну) эстетикалык тарбияны ишке ашыруучу чыгармачылыктын кайталангыс феномени болуп эсептелинет. ( Шербаева Китеп kg-2002. 15-б.)

Анткени, **адабияттын миссиясы** – адамды тарбиялоодо анын адеп-ахлагы да, руханий дүйнөсү да, эстетикалык табити да гармониялашат, бул тарбия адамда гуманизмди калыптоого тийиш, дал ушул гуманисттик идея менен сугарылган инсан гана адамзатты глобалдуу кризистерден, глобалдуу табигый жана руханий катастрофалардан сактап калуучу күч, массалык маданияттын терс таасирлеринен коргоочу «тосмо» болуп саналат. Ошол миссиянын аткарылышында жомоктордун орду өзгөчө экендигин байкоого болот.

Жомоктор - балдардын тили, чоңдордун тилине караганда түшүнүктүү, мазмундуу, балдарга ыңгайлуу болгондуктан, ал кереметтүү, турмуштук окуяларга бай гуманисттик пафосттогу чыгармалар. Мектепте кыргыз эл жомогун окутуу мектептеги маанилүү көйгөйлөрдүн бири болгон билим берүүнү гумандаштырууну – өсүп келе жаткан жаш муундун көңүлүн улуттук маданияттын жана искусствонун булактарына буруу маселесин чечүүчү бирден бир жол экендигин баса белгилөөгө болот.

1. Заман талабына жараша ааламдашуу доорундагы окуу процессин интенсивдештирүү, аны ата мекендик жана дүйнөлүк маданий фактылар жана реалдуулуктар менен байытуу, көркөм чыгармаларды кабылдоодо мүмкүнчүлүктөрдү заман талабына ыңгайлашуу ассоциациялары кеңири колдонуу көйгөйү окумуштуулардын жана мугалимдердин бирден бир милдети катары каралууда (1. Абелюк, Е.С. 1995. - 224 – б.). Андыктан, адабий жомокторду башталгыч класстарда компетенттүүлүккө негиздеп окутууну, бирдиктүү бир бүтүн системага салуу аракетинин жасалышында жана адабий жомоктордун текстин комментарийлеп көркөм окуу, жыйынтыктоо сабактарынын санариптешкен коомго ылайыктап интерактивдүү негизде иштелип чыгышында. Бул саамалык-аракетибиз адабий жомокторду окуп-үйрөнүү багытындагы компетенттүүлүктүн өзгөчө орду бар экендиги изилдөө иштерине азын оолак болсо да, өз салымын кошкондугунда.

**Изилдөөнүн максаты** – жаш муундарды адабий жомоктор аркылуу билим берип тарбиялоодо компетентүүлүктүн орду жана анын өзгөчөлүктөрүн илимий негизде кароо.

**Милдети-** билимин, тарбиясын жомоктор аркылуу аныктоо.

**Колдонулган методдор**: аралаш метод

**Талкуу жана натыйжалар**

Бүгүнкү ааламдашуу доорунун заманбап талаптарына ылайык, ар бир адам, ар бир жаран кайсыл гана чөйрөдө, кандай гана маселени чечүүдө болбосун өзүнүн компетенттүүлүгүн көрсөтө алуусу зарылдыгы келип чыгууда. Ушундан улам, биз бир нерсени моюнга алышыбыз керек. Айрыкча, азыркы учурда республикабыздагы баштапкы билим берүү системасында адабий окуу предметтин окутууда чегинен чыкпаган академиялык мүнөздө болууда. **Тактап айтканда:** балдар маалымат менен иштөөнү билишпейт; маселени чечүүдө мурунтан келаткан бир типтүү, окшош аракеттерди гана жасашат; өз алдынча чыгармачылык менен талдоо жүргүзө алышпайт; ар кыл кырдаалдарды аңдап билүүгө, анын себеп-натыйжаларын түшүнүүгө көнүгүшпөгөн; чыгармачылык өз алдынча демилгелүүлүк жокко эссе ж.б. Эгер, биз жаш муундарды азыркы заманбап дүйнөлүк талаптарга ылайык турмушка даярдагыбыз келсе, турмуштук кырдаалдарга даярдоодо окуу мезгилинде гана эмес башка ишмердүүлүктөрдүн чөйрөлөрүнө да ыңгайлаша алууга үйрөткүбүз келсе, анда, алгач ишти эмнеден баштообуз керек деген суроо пайда болот.

***Биринчиден,*** азыркы мектептеги билим берүү иши турмуштан өтө алыстап, теориялашып кеткендиктен, аны чыныгы турмушка жакындатуу;

***Экинчиден,*** теорияга негизделген окутуу ишинин нугун практикалык мүнөзгө буруу;

***Үчүнчүдөн,*** окуучу мектептен алган билимин жашоосунда пайдалана алгандай деңгээлге жеткирүү үчүн окутууну баланын турмушуна жакындатуу;

***Төртүнчүдөн***, ар кыл татаал коомдук-социалдык жана турмуштук кырдаалдардан бала кыйналбай чыгып кетүүсүнө ылайыктоо аркылуу окутуу ишин жүргүзүү; ***Бешинчиден,*** мектеп бүтүрүүчүлөрүн өзүн-өзү, өзүнүн чөйрөсүндө коммуникациянын көп жактуу, татаал ыкмаларын түшүнүүсүнө жана аны пайдалануусуна өбөлгөлөрдү түзүү;

***Алтынчыдан,*** окутуунун максаттарын туура коюу менен анын натыйжалуулугуна жетишүү ж.б. Бул тууралуу окумуштуу-педагогдор тарабынан буга чейин айтылып да жазылып да келгендиктен, алардын айтуусу боюнча «асмандагы жылдыздардан баштап, деңиздин түпкүрүнө чейин, байыркы коомдук түзүлүштөн баштап, бүт дүйнө жүзүндөгү мамлекеттердин тарыхы, географиясына чейин бүт аңтарып окуп-билген окуучу өзүнүн керт башындагы проблемаларды, тактап айтканда, жеке өзүн жүрүм-турум маданиятына, сүйлөө маданиятына , өзүн өзү коомдук жайларда кандайча алып жүрүүнү, өзүнүн жүрүм-турумун каалоолорун башкалардын кызыкчылыгына кандайча ылайыкташтырууну окуп-үйрөнүүнү билбеген бойдон мектепти аяктап, чоң турмушка аттанып жатышкандыгы» бул, албетте, чындык. Мына ушундан улам, дегеле «компетенттүүлүк» деген терминдин өзү эмнени туюндурат деген суроо туулат. «Компетенттүүлүк» деген термин латын тилиндеги «competens» деген сөзүнөн алынып, кыргызчага которгондо “билгич”,” жөндөмдүү”,”

ылайыктуу", "шайкеш келген" деген түшүнүктү туюндурат. Бул жерде, албетте, тигил же бул тармак боюнча ар тараптуу, терең билимдүү, тажрыйбалуу, абройлуу, анын ой-пикири башкалар үчүн олуттуу деп саналган адам тууралуу сөз болуп жатат. Эгерде, мына ушул эле «компетенттүүлүк» деген түшүнүктү кеңири мааниде да алып карасак болот. Мисалга алсак, инсандын компетенттүүлүгү кандай даражада экендиги анын күнүмдүк турмушунда, кесиптик ишинде же социалдык чөйрөлөрдө тигил же бул проблеманы чече билүүдө аныкталат. Ошону менен бирге эле инсандын өз алдынча таанып билүү ишмердүүлүгүндө, атуулдук-коомдук ишмердүүлүгүндө, кайсыл бир тармакта эмгектенүүсүндө, тиричиликте, маданий жерлерде жана башка бардык учурларда ал өзүнүн компетенттүүлүгүн көрсөтө алуусу зарыл. Буга ылайык, адам ар дайым өзүн өзү өнүктүрүп, алган теориялык билимдерин практика жүзүндө сынап, тактап, сынчыл көз караш менен карап, ар бир көрүнүш, окуялардын себеп-натыйжаларын таап чыгып, аларды окшоштуруп, салыштырып, талдап ар дайым маселени оң жагына чечүүгө аракет жасаган учурда гана "компетенттүүлүк" сапат же "компетенттүү мамиле же ыкма" келип чыгат. Ошондо гана ал «компетенттүүлүк», «компетенттүү адам», «компетенттүү мамиле», «компетенттүү адис» деген наамга ээ болот. Демек, компетенттүүлүк деген эмне дегенде «компетенттүүлүк бул - тигил же бул жумуштун майын чыгара иштеп, өтөсүнө чыгып, натыйжалуу эмгектенүү үчүн, үзүрлүү ишмердүүлүккө өбөлгө түзүүгө зарыл деп эсептелинген билим, ыкма, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн, жөндөмдүн, тажрыйбанын болуусу, турмушта туура кадам жасоо үчүн адамдын толук кандуу өсүп жетилүүсү» деген түшүндүрмөнү берет элек. Компетенттүүлүк – бул иштин көзүн билүү менен маселелерди чече билүүчүлүк болуп саналат. Жыйынтыгында мында билим, билгичтик, ыкмалар (ББЫ) ишке ашат (7,178).

Жогорудагы **"компетенттүүлүк"** түшүнүгүн дидактикада педагогикалык ишмердүүлүктүн үзүрүн көрсөтүүнүн бир чен-өлчөмү катары кабыл алынат. Мурда билим алуучулук, билим берүүчүлүк мамиленин ордуна келген компетенттүүлүк окуу процессинде балдардын билим алуусу, алардын билим топтоосу менен гана чектелбейт, аларды колдоно билүүгө жетишүүсү менен байланышат. Азыр компетенттүүлүк көп өлкөлөрдө, мисалы, Орусияда жалпы мамлекеттик, федералдык стандаттарда борбордук, түйүндүү маселелердин бирине көтөрүлүп чыкты.

Биз жогоруда сөз кылган адабий жомокторду мектеп программасында адабияттын ***предметтик*** компетенцияларын ***(окурмандык, баалуулук – дүйнө таанымдык, адабий – чыгармачылык)*** мазмундук жана функционалдык жактан кантип калыптандырып окутуу жөнүндө сөз кылууда компетенттүүлүктөрдү орто мектептер үчүн түзүлгөн кыргыз адабияты предметинин программасын түзүүчүлөрдүн бири профессор А.Муратов да туура жана жеткиликтүү аныктаган: **"**Компетенттүүлүк – бул адистин интеллектуалдык,

психологиялык, моралдык жана ишмердик (функционалдык) абалы, ошол аркылуу анын канчалык билим алгандыгы, көндүмдөргө ээ болгондугу, тажрыйба топтогондугу, башкалардын ишмердүүлүгүн өзүнө сиңиргендиги, маалыматтар менен куралдангандыгы жана аларын кандайча колдоно алары аныкталат. Компетенттүүлүк – бул натыйжалуу жыйынтыктарга жетишүү үчүн ыңгайлуу жүрүш-туруш модели, алгоритм, кыймыл-аракеттерди ишке ашыруунун жолдору» - деп жазат.

Мугалим балдарга тарбия берип, ошол тарбияны ишке ашырууда эң алгач бизге жомоктор курал боло алат. Жомокторду, мисалы жөө жомоктордогу айбанаттардын мүнөзүн ачып берүү менен окуучуну башкача айтканда баланы жакшылыкка, адептүүлүкө, гумандуулукка жана башка адамдарга мүнөздүү болгон жакшы сапаттарга тарбиялоого жетишебиз. Анткени, адабий жомок - элдик оозеки  чыгармалардын бир үлгүсү. Оозеки чыгармалар жөнүндө Алексей Максимович Горький: “Элдик оозеки көркөм чыгармачылыкты билбей туруп, эмгекчи элдин чыныгы тарыхын билүүгө болбойт”-деп айткан (Белинский М-Л., 1954.-676 б)

Ошондуктан эгерде чоң адамдар балдарга жардам берүүнү, түшүндүрүүнү, колдоону, балдарга бир нерсени ачууну кааласа, анда алар кайрадан балдардын тили болгон акылдуу жана кызыктуу жомокко кайрылуу менен балдардын өнүгүүсүндө жомоктун орду көп кырдуу: балдардын фантазиясын, ой жүгүртүүсүн жана туура сүйлөөсүн өнүктүрүп, сөздүгүн байытат, логикалык байланыштуу кептин өнүктүрүүгө жардам берет. Жомоктор менен кошо адабий жомоктордун  таасири астында бөбөктөр эмоционалдуу, образдуу жана кооз сүйлөп башташат. Бул сыйкырдуу окуялар балдарды мамилелешүүгө, суроолорду берүүгө, сөздөрдү, сөз айкашууларды жана сүйлөмдөрдү түзүүгө  түрткү берет.

Адабий жомоктор аркылуу компетенттүүлүктү калыптандырууда баланын ички дүйнөсүнүн тарбиясында, жан дүйнөсүнүн өнүгүшүндө, окуяны кабыл алуу деңгээлин жогорулатууда, жашоонун мыйзамдары жөнүндө билим алууда ж. б. у. с. башка балдардын психологиясын калыбына келтирүүдө зор мааниге ээ. Мына ошондуктан адабий жомокторду колдонууда педагогикалык чеберчиликтин зор мааниге ээ экендигин эске алуу керек.

Андыктан, адабий жомокторду компетенттүүлүккө багытап окутууда төмөнкүдөй усулдарды пайдалануу натыйжалуу:

**Оюндук технологиялар** окуучулар теориялардын жана фактылардын бир түрдүүлүгүнөн тажап, сабакка көңүл буруулары начарлай баштаган маалдарда колдонулат. Сабак таптакыр эле бошоңдоп кетпес үчүн убак-убагы менен оюндун элементтерин киргизүү зарыл.

**Мээге чабуул усулу** – ар бир сабактын уюштуруу этабында окуучулардын активдүүлүгүн, көңүл буруусун бир багытка, жаңы маалыматтарды кабыл алууга багыттоо учурунда колдонулуп, чыгармачылыктуу активдүүлүктү жөнгө салуунун негизинде көйгөйдү чечүүнүн оперативдүү жолун табууга жардам берет. Белгилүү бир темадагы маселе боюнча тез арада ой жүгүртүү, бүтүм чыгаруу жана пикир туудуруу максатында колдонуп, мында талкуулоонун катышуучуларына чечим кабыл алуунун варианттарын тандалып, андан соң айтылган ойлордун ичинен эң эле натыйжалуу, иш жүзүндө колдонууга мүмкүн болгон мыкты идеялар тандалып алынат. Мээге чабуул – жаңы идеяларды издөө усулу катары, изилдөөнүн кийинки баскычына өбөлгө түзүлөт.

**Тест усулу** – бул окуучунун билим деңгээлин, жөндөмдүүлүктөрүн жана башка сапаттарын, ошондой эле катышуучулар тарабынан анализдөө жолу менен аткарылган тапшырмалардын белгилүү бир нормаларга дал келүүсүн аныктоо. Тестирлөөнүн жардамы менен изилденилип жаткан объектин кээ бир өзгөчөлүктөрүнүн өнүгүү деңгээлин аныктап, аны изилденилип жаткан объектин буга чейинки өнүгүү деңгээли менен салыштырууга болот .

Окумуштуулардын изилдөөсү боюнча балдардын психикасын эксперименталдык изилдөөгө алууда Жан Пиаже бала өзүнүн өнүгүүсүндө адамзат басып өткөн доордун өнүгүүсүндөгү башкы стадияларын кыскартылган жана кысылган түрүндө кайталайт деген тыянакка келген. Жыйынтыгында бала анимизмдин, жалпы жандануунун, антропоморфизмдин, жалпы эле адамзаттын бардык мезгилдерин башынан кечирет.

Бюллер баланын психикасын жана искусство психологиясынын өзгөчөлүктөрүн бириктирип байланыштырып, Пиаженин теориясын улантат. Ал искусство менен бала үчүн оюндун психологиялык жакындыгын көрсөттү: «Бала жомок талап кылган туура, чындыкка жат багыттоону эрте кабыл алат, ал толугу менен башкалардын эрдигине батып кирип, жомоктогу образдардын алмашуусун ээрчип кете берген факт абдан маанилүү» (Бахтина, В. А. - Саратов, 1973. - 178 б.)

Балдар жомоктор дүйнөсүндө жашайт, жомоктук ойдон чыгарылган жана фантастиканын поэтикалуу көркөм жана шарттуу өзгөчө дүйнөсүн түшүнөт.

**Корутунду.** Натыйжада кенже курактагы окуучуларга адабий жомокторду окутуу аркылуу компетенттүү инсан кылып тарбиялоо, алардын өз алдынча иштөөсүнө, чыгармачылыгын арттырууга басым жасоо зарыл, айрыкча оюн ишмердүүлүгү аркылуу окутуу бир топ натыйжа берерин байкоого болот. Кенже курактагы окуучуларынын чыгармачыл активдүүлүгүн калыптандыруун жолдорун изилдеп кароодо ар кандай типтеги (дидактикалык максатта) жана ар түрдүү (негизги усул) сабактарда ишке ашырылат. Өзгөчө: **саякат, диалог, экскурсия, эмоционалдык ичке кирүү, адабий каарман менен**

**кездешүү** сыяктуу сабактар бир топ жакшы натыйжаларды бергендигин баса белгилеп өтүү зарыл. Анткени, кенже курактагы окуучуларды адабий жомок аркылуу тарбиялоодо мындай ыкмалардын эффективдүү колдонууда окуучулардын активдүүлүгү жогорулайт. Улуу окумуштуу Л. С. Выготскийдин ою боюнча мектептеги окутуу - чыгармачылыкты баланын аң - сезимин ишмердүүлүктүн борборуна коет. Андыктан төмөндөгү усулдарды сабакта колдонууда ар бир окуучу креативдүү, чыгармачыл ой жүгүртүүгө жөндөмдүү – компетенттүү болот деген ишеним зор.

**АДАБИЯТТАР**


1. Абелюк, Е.С. Миф или сказка? Экспериментальное учебное пособие [Текст] / Абелюк, Е.С. - М.: Мирос 1995. - 224 с.
2. Абдыракунов, Т. VI класста Ж.Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек» деген поэмасын үйрөтүү [Текст] / Абдыракунов, Т. // Мугалимдер газетасы, 1963, 26- февраль.
3. Абрамович Г.Л. Введение в литературоведение [Текст] / Г.Л. Абрамович. - М.: Просвещение, 1975.
4. Бараг Л. Г. Взаимосвязи и национальное своеобразие восточнославянских народных сказок [Текст] / Бараг Л.Г. - М.: Изд-во МГУ, 1968. - 203 с.
5. Бахтина, В. А. Эстетическая функция сказочной фантастики [Текст] / Бахтина В.А. - Изд-во Саратовского ун-та, 1972. -92с.
6. Бахтина, В.А. Художественная функция фантастики в русской народной сказке [Текст] / Бахтина В.А. - Саратов, 1973. - 178 с.
7. Белинский, В.Г. О народных сказках [Текст] / Белинский В.Г. - Поли. собр. соч., Т6. - М-Jl., 1954.-676 с.
8. Бекбоев, И. Инсанга багыттап окутуу сабагынын негизги идеясы эмнеде? [Текст] / И. Бекбоев // Кут билим, 2002,
9. Бекбоев, И. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери [Текст] / И. Бекбоев − Бишкек: Педагогика, 2004. –243 б.
10. Иманалиев, К. Орто мектептерде кыргыз адабияты боюнча проблемалык окууну уюштуруу иши [Текст] / К. Иманалиев– Ф.: Мектеп, 1981. –144 б.
11. Исаков, Б. Сабат санжырасы [Текст]: Орто мектептин мугалимдери үчүн / Б. Исаков − Бишкек: Мектеп, 1993. −192 б.
12. Рысбаев, С.К. Кыргыз башталгыч мектептеринде адабиятты окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү [Текст]: Пед. илим. докт. диссерт.: 13.00.02./ С.К.Рысбаев –Бишкек, 2006.
13. Саалаев Ө. Окутуунун интерактивдүү усулдары [Текст]:Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо / Ө.Саалаев – Б., 200
14. Шербаева Ж. Башталгыч класстарда жомоктордорду, уламыштарды окутуунун методикасы/ Китеп kg-2002. 15-б.

**МАТЕМАТИКА, ФИЗИКА, ТЕХНИКА ЖАНА ИНФОРМАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ИНСТИТУТУНУН “ЖАШ ОКУМУШТУУ” ИЛИМИЙ ЖУРНАЛЫ**

**НАУЧНЫЙ ЖУРНАЛ «МОЛОДОЙ УЧЕНЫЙ» ИНСТИТУТА МАТЕМАТИКИ, ФИЗИКИ, ТЕХНИКИ И ИНФОРМАЦИОННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ**

***Технический редактор*** ***Абдирайимова Назигай Абдинабиевна***

Наш адрес: 723500, улица Ленина 331, г. Ош

Телефон: +996 559039753

Электронный адрес: journal-mftit@oshsu.kg

Сайт: www.mftit.oshsu.kg